# Ачуулануунун дабасы

**Алланын элчиси ﷺ айтты: «Силердин бириңер ачуусу келгенде турган абалда болсо олтурсун. Эгер андай абалда да ачуусу таркабаса, анда жатсын».**

**Абу Дауд**

## Илимий акыйкат

**Илимий изилдөөлөр тастыктагандай адам ачууланганда жана эмоционалдуу болгондо, кандагы адреналин жана норадреналин гормондору көбөйөт. Отуруу жана жатуу менен абалды өзгөртүү, бул эки гормондун бөлүнүп чыгуусун азайтып, ачуулануну төмөндөтөт.**

## Кереметтин ачылышы

**Бул куттуу хадисте Алланын элчиси ﷺ ачууланган адамга ачуусу басылуусу үчүн тик турган абалда болсо, отуруу же жатуу менен абалды өзгөртүүгө багыт берген. Бул нерсени бүгүнкү күндө илимий негизде ырасталды.**



# Булуттар астындагы деңиздердин караңгылыгы

Аллах Таала айтты: «**Же алардын мисалы: Түбү терең деңиздеги караңгылык сыяктуу. Толкун үстүндө толкун (уюлгуп), анын үстүнөн булут каптаган, бири-биринин үстүнөн чүмкөгөн караңгылыктар. Адам колун чыгарса, аны көрө алышпайт**». (Нур:40)

## Илимий акыйкат

Деңиз илимпоздору деңиз жана терең океандар көп учурда күндүн нурун көп жана жыш болгон булуттар каптап, тосуп турaарын аныкташкан. Үстүнкү бөлүктөгү толкундар күндүн жарыгынын бир бөлүгүн чагылдырса, экинчи бөлүгү деңиз суусуна сиңет да, бул тенденция тереңдиктин өсүшү менен акырындап төмөндөйт. Миң метр тереңдиктен кийин караңгылык күчөп, көрүү таптакыр жоголот. Деңиз тереңинде жашаган балыктар жана башка жандыктар жол табуу үчүн ага жардам бере турган жарыкты өндүрүү үчүн химиялык энергия өндүрүшүнө таянышат.

## Кереметтин ачылышы

Жогорудагы ыйык аяттар «Бахр лужий» (терең деңиз) болгон деңиздеги караңгылык кубулушуна ишарат кылып, анын себептери булуттар, үстүнкү жана ички толкундар экендигин белгилөөдө. Ошондой эле аяттагы «бири-биринин үстүнөн чүмкөгөн караңгылыктар» деген сөз деңиздердеги чыныгы абалды өтө кылдат жана керемет сүрөттөгөн.



# Эң катуу азап-күн чыккан убакта

**Аллах Таала айтты: «Ошондо, күн чыгарда аларды катуу бир үн кармады. Биз аны астын-үстүн кылып, анын үстүнөн бышкан чопо таштарды жаадырып салдык».** **(Хижр:83-84)**

## Илимий акыйкат

**Илимий изилдөөлөр метеориттер көбүнчө эртең менен түшөөрүн көрсөттү. Таңдагы түшкөн метеориттер түнкүгө салыштырмалуу көбүрөөк байкалган. Эртең менен түшкөн метеориттердин саны 1700 гө жетсе, түн жарымында түшкөн метеориттер 100-150 дөн ашат. Башка учурларда түшкөн метеориттер азыраак көлөмдө түшсө, таңкы убактагысы өтө жыш көлөмдө түшөөрү маалым болгон.**

## Кереметтин ачылышы

**Ыйык Куран Лут пайгамбардын коому тууралуу баяндаган кабарынын жүрүшүндө бир нече орунда азаптын түшүү убактысын так белгилеген. «Биз таң атканда күнөөкөрлөр бири да калбай кыргын боло тургандыгы жөнүндө ага аян кылганбыз». (Хижр:66), «Алардын убадасы таң. Таң жакын эмеспи?» – деди». (Худ:81) Заманбап изилдөөлөр метеориттердин түшүүсү таңкы маалда көбүрөөк жана катуу болоорун ырастады.**



# Жер бетиндеги эң төмөнкү жер

Аллах Таала айтты: «Алиф, лам, мим. Рум жеңилди. Эң төмөн жерде алар жеңилгенден кийин кайра жеңишет». (Рум:1-3)

## Илимий акыйкат

Географиялык карталар жана атластар жер бетиндеги эң төмөнкү чекит Палестинадагы Өлүк деңизинин аймагы экендигин көрсөтүп турат. Бул аймак деңиз бетинен 400 метр төмөн жайгашкан. Муну спутниктен алынган сүрөттөр жана өлчөөлөр да ырастап жатат. Тарыхый булактарда 619-жылы перстер менен римдиктердин ортосунда чоң согуш болуп өткөндүгү маалымдалат. Ал эми бул согуш тууралуу жогоруда айтылгандай Куранда да эскерилип, анда перстер римдиктердин үстүнөн чоң жеңишке жетип, ал согуш Өлүк деңизге жакын жайгашкан Азриат менен Бусранын ортосунда болуп өткөн.

## Кереметтин ачылышы

Бул ыйык аяттар эки кереметти өзүнө камтыйт. Биринчиси, римдиктер персттерден жеңилгенден соң, бир нече жылдын ичинде кайрадан перстерди жеңе тургандыгы тууралуу кабарлоосу. Бул окуя чынында так ошондой болду. Экинчиси, ошол доордо эч кимге белгилүү болбогон географиялык фактыны ырастоосу. Тагыраак айтканда, аятта согуш болуп өткөн жерди «أدنى الأرض» (Аднал ард) деп сыпаттаган. Араб тилинде «Аднаа» сөзү эки мааниде келген: 1.эң жакын, 2. эң төмөн. Чынында да бул эки маани тең окуяга дал келген. Т.а. окуя болгон жер бир тараптан араб жарым аралына жакын болсо, экинчи тараптан окумуштуулар ачкандай жер бетиндеги эң төмөн аймак болуп саналат.



# Деңиздин ичиндеги толкундар

Аллах Таала айтты: «Же алардын мисалы: Түбү терең деңиздеги караңгылык сыяктуу. Толкун үстүндө толкун (уюлгуп), анын үстүнөн булут каптаган, бири-биринин үстүнөн чүмкөгөн караңгылыктар. Адам колун чыгарса, аны көрө алышпайт». (Нур:40)

## Илимий акыйкат

1904-жылы океанология деңиздин тереңинде күчтүү толкундардын бар экендигин аныктады. Бул толкундар «жер бетиндеги деңиздер» жана «тереңдеги деңиздер» арасында болот. Алар үстүңкү толкундарга окшош. Бирок суунун үстүнөн байкалбайт. Деңиздин ички толкундарынын узундугу орточо он километрден жүздөгөн километрлерге жетсе, бийиктиги ондон жүз метрге чейин көтөрүлөт.

## Кереметтин ачылышы

Аяттын керемети деңиздин ичиндеги кубулушун «терең деңиз» деп сүрөттөп, андагы толкундарды, ал толкундар биринин үстүнөн экинчиси каптагандыгындын баяндайт. Илим бул сүрөттөлүштөрдү жана фактыларды өзүнүн техникалары жана каражаттарынын прогрессинен кийин гана аныктаган.



# Манжа изинин керемети

Аллах Таала айтты: «Кыямат Күнүнө ант! Өзүн-өзү жемелеген жанга ант! Инсан Биз анын сөөктөрүн чогулта албайт деп ойлойбу?! Ооба (чындыгында), Биз анын манжаларынын учунан бери өз калыбына келтирүүгө Кудуреттүүбүз».

(Кыямат:1-4)

## Илимий акыйкат

Илимий изилдөөдө манжа өзүнө майда чийимдерди жана сызыктарды камтып тураарын аныктады. Ал сызыктар ар түрдүү формаларда болуп, ар бир адамдыкы өз-өзүнчө айырмаланып турат жана ал сызыктар өмүр бою өзгөрүүсүз сакталат. Бүгүнкү күндө манжа издери жеке адамдын өздүгүн идентификациялоодо колдонулат.

## Кереметтин ачылышы

Өлгөндөн кийин кайра тирилүүнү четке каккан капырларга жооп катары Аллах Таала ант кылып, аларды кайра жаратып калыбына келтирээрин, ал тургай аларды бири-биринен айырмалап турган бармак учтарын да калыбына келтирип коерун баяндаган. Бул жерде денедеги башка органдары эмес, бир гана манжадан сөз кылынуусу, манжа учтарынын жаралышында жана анын аткарган кызматындагы керемет бар экендигине ишарат кылынууда.



# Чоң жарылуу

Аллах Таала айтты: «**Чын эле каапырлар асмандар менен жер бирге болгондугун, а Биз аларды бөлгөнүбүздү жана бардык жандууларды суудан жараткандыгыбызды көрүшпөйбү? Эми алар ыйман келтиришпейби?**». (Анбия:30)

## Илимий акыйкат

Көптөгөн ачылыштардын жана изилдөөлөрдүн натыйжасында астрономия окумуштууларынын басымдуу көпчүлүгү, аалам чоң жарылуудан пайда болгон деген жыйынтыкка келишкен. Бул жарылуу материя менен түтүндүн таркап, жайылышына себеп болгон.

Адегенде газ абалында болгон аалам чоң массаларга бөлүнгөн. Бул массалар жылдыз кластерлерине (галактикаларга) жана андан күн системаларына бөлүнгөн. Убакыттын өтүшү менен планеталар күндөн ажырап, айланып жана алыстап, муздап, натыйжада алардын сырткы беттери катуу болуп калган.

## Кереметтин ачылышы

Ыйык Куран аяты асман менен жер бир болгондугун, андан соң бөлүнгөндүгүн айткан. Заманбап илим дагы ушундай тыянак чыгарууда.



# Эки деңиз ортосундагы тосмо

Аллах Таала айтты: «**Эки деңизди кошуп агызды. Экөөсүнүн ортосунда тосмо бар. Бири-бирине кошулбайт**».

(Рахман: 19-20)

## Илимий акыйкат

Деңиз илимпоздору ар эки жолуккан деңиздин ортосунда тосмо бар экендигин айтышат. Бул тосмонун артында ар бир деңиз өзүнүн уникалдуу өзгөчөлүктөрүн жана ошол чөйрөнүн ичиндеги жандыктарга ылайыктуугун сактап турат. Бул тосмо аркылуу эки деңиз бири бирине акырындык менен аралашат. Бирок, аралашуу эки тарапка тең бирдей көлөмдө өтүүсү менен жана эки деңиздин өзгөчөлүктөрү сакталуу менен жүрөт.

## Кереметтин ачылышы

Сезим жана сезимден тышкаркы ааламдарда пайда болгон Мээримдүү Аллахтан болгон көрүнүштөрдүн катарында ушул аят дагы назарыбызды бири-бирине жолуккан эки деңиз кереметине бурат. Ал экөөсү бири-бирине чектелүү өлчөмдө, акырындап аралашып, ортодо тосмо болгондуктан ар бир деңиздин өзгөчөлүктөрү сакталып турат.



# Асманга көтөрүлүү

Аллах Таала айтты: «**Аллах кимди туура жолго салгысы келсе, анын көкүрөгүн исламга ачып коет. Ал эми кимди адаштыргысы келсе, анын көкүрөгүн көккө көтөрүлүп бараткан адамдыкындай кылып кысылтып салат. Аллах ишенгиси келбегендерди дал ушинтип жазалайт**». (Анъаам:125)

## Илимий акыйкат

Адам канчалык асманга бийик көтөрүлсө, атмосфералык басым ошончолук төмөндөп, кычкылтектин көлөмү азаят да, бул көкүрөктүн кысылышына жана дем алуунун кыйындашына алып келери, ошондой эле натыйжада өпкө иштебей адам өлүмгө дуушар болоору илимий жактан далилденген.

## Кереметтин ачылышы

Аятта ким адаша турган болсо, анын көкүрөгү асманга көтөрүлгөн адамдын көкүрөгү кысылгандай кысылаарын баяндап жатат. Муну азыркы илим атмосферанын ар түрдүү катмарларынын газдык курамын изилдегенден кийин ачты. Ошондой эле адам космоско карай көтөрүлгөн сайын, жашоосу үчүн зарыл болгон кычкылтек газы азая баштайт.



# Карантин

**Аллахтын элчиси айтты: «Оорулуу адам соо адамдын жанына келбесин!». Дагы бир хадисте мындай деген:**
**«Чума таралган жер жөнүндө уксаңар, ал жерге кирбегиле, а эгер чума силер турган жерде башталса, анда чумадан качабыз деп (ал жерди) таштап кетпегиле!».** **Бухарий, Муслим**

## Илимий акыйкат

**Ден-соолук илимдеринин өнүгүшүнүн негизинде микроорганизмдердин купуя дүйнөсү ачылып, алардын көбөйүү, таралуу жана ооруларды, эпидемияларды пайда кылуу жолдорун билүү, оорунун белгилери байкалбаган соо адам дагы эпидемия учурунда оорунун микробун алып жүрүүчү болуп саналаарын жана алар инфекция менен эпидемиянын башка жерлерге өтүүсү үчүн коркунуч булагы болуп саналаары айкын болгондон кийин, глобалдык белгилүү карантиндик системасы түзүлүп, тийиштүү чечим кабыл алынган. Ал чечимде эпидемия аймагындагы бардык тургундардын андан чыгуусуна жана ал жерге сырттан кирүүсүнө жол бербөө каралган.**

## Кереметтин ачылышы

**Бүгүнкү күндө профилактикалык медицинанын негизи катары кабыл алынган карантиндик, изоляциялык практикалар диний тексттерде алда качан мурда ишке ашырылган жана бул ыкма эпидемиянын алдын алуу жана ага каршы күрөшүүдө оң таасирин көрсөткөн.**



# Чымындын канаттарындагы оору жана шыпаа

Аллахтын элчиси ﷺ айтты: «Эгер силердин бирөөңөрдүн идишиңерге чымын түшүп калса, аны ошол сууга бир батырып кайра чыгарсын. Себеби, анын эки канатынын биринде оору, экинчисинде шыпаа бар» - деп. Бухарий

## Илимий акыйкат

Акыркы изилдөөлөр чымындар канаттарында көптөгөн коркунучтуу микробдорду алып жүрөрүн жана ошол эле учурда ал микробдорду жок кылган антибиотиктерди алып жүрөрүн, т. а. чымындар ооруну жана шыпааны бир эле учурда алып жүрөрүн далилдеди. Изилдөөлөр далилдегендей бул антибиотиктер чымында табылбаган көптөгөн башка козгогучтарды жок кыла алат. Ошондой эле чымындар натыйжалуу көптөгөн антибиотиктердин булагы боло алат.

## Кереметтин ачылышы

Пайгамбар ﷺ суусу же тамак-ашы аз, кургак чөлдө жашаган сахабаларга эгер кимдир бирөөнүн идишине чымын түшүп, андагы сууну же тамакты жеш керек болсо, анда чымынды идишке батырып андан кийин жешке буюруп жатат. Анткени, анын эки канатынын биринде оору, экинчисинде шыпаа бар.

Лабороториялык эксперименттер бул илимий чындыкты тастыктаганга чейин айрымдар бул хадисти көз жаздымда калтырышкан.



# Араб жарым аралы кайрадан жашылдайт

**Аллахтын элчиси ﷺ айтты: «Араб жери кайрадан дарыялар аккан жайыттарга айланмайынча кыямат болбойт».** Муслим

## Илимий акыйкат

Окумуштуулар 20-кылымдын жарымынан кийин климаттык цикл деп аталган нерсени ачышкан. Ал дүйнөнүн көп жерлерин изилдеп анын ичинде араб жарым аралы тарыхта көп жолу климаттык өзгөрүүлөргө дуушар болгонун жана Араб жарым аралынын бир кезде жамгырга жана чөптүү жайларга бай жер болгонун аныкташты. Сауд Аравиясынын түштүгүндө, Йемендин түштүгүндө жайгашкан Руб эль Хали чөлүнүн спутниктен жасалган скандоолору да муну тастыктайт. Т.а. бул изилдөөлөр бир кезде бул аймактагы бүткүл Араб жарым аралына жайылып кеткен дарыялардын нуктарын аныкташкан. Адистер бул аймакта жаан-чачын көп болуп, шалбаалар, дарыялар жана көлдөр кайрадан пайда болот деген көз карашты артык коюшат.

## Кереметтин ачылышы

Хадистеги керемет - Пайгамбардын ﷺ араб жарым аралы өткөн заманда жашыл чөптөр менен дарыялардын мекени болгондугу жана келечекте кайра ошондой жашыл чөптүү, дарыялуу аймака айланаары тууралуу айткан куттуу хадисин илим тастыктап жаткандыгы.





# Сөөктүн жаралышы эттин жаралышынан мурда болот

**Аллах Таала айтты: «Сөөктү эт менен каптадык. Андан соң Биз аны башка бир жаратылышта өстүрдүк».** (Муъминун:14)

## Илимий акыйкат

Илимий изилдөөлөр түйүлдүктүн сөөктөрү эт жана булчундардан биринчи жаралып, андан соң алар менен капталарын далилдеген. Адистердин айтымында, кырк экинчи суткадагы «мудга» баскычынан кийин түйүлдүккө өзгөчө адамдык форма берген кемирчек скелет түзүлө баштайт. Андан кийин сөөктөрдүн айланасына эт жана булчундар капталат. Сөөктөрдүн эт менен жабуунун таасири сырткы көрүнүшүндө байкалып, дене мүчөлөрү бири-бирине симметриялуу түрдө байланышат. Кийинки этап мурунку этаптан ички жана тышкы көрүнүшү боюнча айырмаланат.

## Кереметтин ачылышы

Түйүлдүктүн сөөгү эттен мурда жаралуусу тууралуу чындыкты алгач Ыйык Куран ырастаган. Ал эми буга чейин үстөмдүк кылган карама-каршы божомол пикирдин жаңылыш экендиги азыркы доордо айкын болду.



# Үч караңгылыкта бир жаратыштан кийин, дагы бир жаратышта жаратуу

Аллах Таала айтты: «Ошондой эле, силерди энеңердин ичиндеги үч караңгылыкта бир жаратыштан кийин, дагы бир жаратышта жаратты». (Зумар:6)

## Илимий акыйкат

Заманбап илим түйүлдүккө жабышкан жана аны курчап турган үч кабык бар экенин аныктады. Булар мембранадан, планцетадан жана амниондон туруп, алардан жатын катмары пайда болот. Бул үчөөсү биринчи караңгылыкты түзөт. Экинчи караңгылык-жатын дубалы. Ал эми үчүнчү караңгылык- ашказан дубалы.

## Кереметтин ачылышы

Ыйык Куран аятында түйүлдүктүн жаралуусу үч караңгылык-та ишке ашары айтылган. Заманбап илим ал караңгылыктардын табиятын аныктап, анын саны үчөө экендигин тастыктады.



# Чымын алып кеткен нерсени кайтарып алуу мүмкүн эмес


**Аллах Таала айтты: «Эгер чымын алардын бир нерсесин алып качса, андан аны куткарып да кала алышпайт. Анткени кубалаган да, кууган да алсыз». (Хаж:73)**

## Илимий акыйкат

**Чымындардын тамакты ашказандын сыртында шилекейи менен бирге бөлүп чыгарган ферменттер аркылуу сиңирип, андан соң аны суюктук катары сиңирүүсү илимий жактан далилденген. Мисалы бир кесим тамакка конгондо, ал тамактын курамындагы углеводдорду жана башка азыктарды сиңирип ала турган секреция бөлүп чыгара баштайт. Андан соң эритмедеги тамакты тамак сиңирүү системасына жөнөтөт. Чымындын конгон нерсесинен алган затын кайра кайтарышы мүмкүн эместигин кылдат илимий изилдөөлөр далилдеди.**

## Кереметтин ачылышы

**Куттуу аятта «андан аны куткарып да кала алышпайт» - деп, ачык баяндап жатат.**



# Булуттардын кабат-кабат болуп биригүүсүнүн этаптары

Аллах Таала айтты: «Карабайсыңбы: Чындыгында, Аллах булуттарды айдайт да, анан алардын ортолорун бириктирип, аларды кабат-кабат кылат. Ошондо булуттун араларынан жамгыр төгүлгөнүн көрөсүң. Асмандан ичинде мөндүрү бар (булутту) тоолордон түшүрөт да, ал аркылуу каалаган пендесине апаат алып келип, каалаганынан буруп кетет. (Көрбөйсүңбү:) Чагылгандын жаркылдагы көздөрдү алып кете жаздаганын!». (Нур:43)

## Илимий акыйкат

Метеорология өнүгүп, заманбап приборлорду колдонуудан кийин окумуштуулар түрмөк булуттарынын пайда болуу этаптарына байкоо жүргүзүшкөн. Алар шамалдын чачылган майда булуттардын бөлүкттөрүн айдап бир нече километрге жеткен түрмөктү пайда кылганын байкашкан. Алар бийик тоолор сыяктуу абалга келишет. Алар ошондой эле булуттун бул түрүн коштогон аба ырайынын чагылган, күн күркүрөгөн добуштар, жаан-чачын жана мөндүр сыяктуу кубулуштарын байкашкан.

## Кереметтин ачылышы

Окумуштуулар жакында ачкан түрмөк булуттарынын пайда болуу этаптары жана алар менен коштолгон кубулуштар жөнүндө фактыларга жогорудагы аятта: «айдайт», «бириктирет», «кабат-кабат кылат» жана «жамгыр төгүлөт» - деп ишарат кылынган.



# Адамдын жаралуу этаптары

Аллах Таала айтты: «Биз инсанды тандалма чоподон жараттык. Андан соң аны тамчы түрүндө бекем орунга жайгаштырдык. Андан соң тамчыдан уюган кан жараттык, уюган кандан бир үзүм (бир чайнам) этти (жасап), бир үзүм эттен сөөк жасадык да, сөөктү эт менен каптадык. Андан соң Биз аны башка бир жаратылышта өстүрдүк. Жаратуучулардын эң мыктысы Аллах улук болду!». (Муъминун:12-14)

## Илимий акыйкат

Окумуштуулар түйүлдүктүн жаралуудан баштап калыптануу аяктаганга чейин ар кандай этаптарды басып өтөөрүн аныкташкан. Бул процесс энелик бездеги тирүү сперматозоиддердин уруктанышы менен башталат. Андан кийин уруктанган жумуртка биринчи жуманын аягында жатын катмарында (эндометрийде) илинип турган «бластоцистага» айланат. Бул фазада «мудга» фазасы башталат. Ал алтынчы жуманын акырына чейин уланат. Андан кийин дене катуу этабы башталып, арка массалары айкын болуп, башы тулкудан айырмаланып, буту-колдору пайда болуп, андан соң эт жана булчундар менен капталат. Ошентип, эмбрионалдык деп аталган этап сегизинчи жуманын аягында бүтөт. Андан кийин, тогузунчу жумада төрөлгөнгө чейин улана турган дагы бир фаза башталат. Ал фазада дене толукталып, түзөлөт. Ал –кош бойлуулук фазасы деп аталат.

## Кереметтин ачылышы

Мындагы мужиза керемет-заманбап илим өзүнүн куралдарын жана каражаттарын иштеп чыккандан кийин жакынкы убакта тапкан синтез этаптары менен жогорудагы Куран аяттарында айтылган урук, эмбрион, сөөктөнүү жана башка дененин түзүлүүсү сыяктуу синтез этаптарынын ортосундагы толук дал келүүсү чагылдырылган.



# Көздү төмөн алуу мээни сактайт

Аллах Таала айтты: «(Эй, Мухаммад!) Момундарга айткын: “(Ар кайсыл аялдарды карай берүүдөн) көздөрүн сакташсын жана уяттуу жерлерин (аягы суюктук кылуудан) сактасын. Бул – алардын өздөрү үчүн абдан жакшы. Чындыгында, Аллах эмне жасагандарынан Кабардар!». (Нур:30)

## Илимий акыйкат

2013-жылы Кембридж университети жүргүзгөн изилдөө порно тасмаларды көрүү жана аны улантуу мээнин маанилүү бөлүктөрүн жок кылаарын аныктаган. Ошол эле учурда окумуштуулар мындай тасмаларды көргөндөрдүн мээси алкоголдук ичимдиктерди жана бангизаттарды колдонгондордун мээсиндей иштээрин аныкташкан.

## Кереметтин ачылышы

Ыйык аятта Аллах Таала момундарга көздөрүн төмөн алууга буюрган жана аларды уяттуу жерлерге жана арам нерселерге кароодон эскерткен. Заманбап илимий изилдөөлөрдүн натыйжасы ыйык Курандын бул эскертмелерин колдоп, уяттуу фильмдерди көрүү жана адамдардын уяттуу жерлерин кароонун зыяндуулугун ачыктады.



# Порнографиялардын кесепеттери

**Аллахтын элчиси ﷺ айтты: «Кайсыл бир коомдо бузукулук жайылып, ачык жасала баштаса, ал жерге жугуштуу оору жана мурункуларда болуп көрбөгөндөй азаптуу дарттар тарайт». Ибн Маажах**

## Илимий акыйкат

**Акыркы эки кылымда илим бактериялар, вирустар сыяктуу көптөгөн майда жандыктар бар экенин жана алар адамдан адамга шарияттык никеден тышкары жыныстык катнаш аркылуу гана өтүшү мүмкүн экенин аныктады. Мындай мамилелер кеңири жайылган сайын коом мурда байкалбаган жугуштуу оорулардын коркунучуна кабылат. Анткени бул организмдер кыймылга жараша өзгөчөлүктөрүн өзгөртүшөт. Ошентип, ал дарыларга туруктуу болуп, организм аларга туруштук бере албайт. Анткени булар СПИД сыяктуу организмдин иммундук системасын талкалайт.**

## Кереметтин ачылышы

**Пайгамбар ﷺ куттуу хадисте порнографиянын кесепеттери жана анын ден-соолукка тийгизген кыйратуучу таасирлери тууралуу кабарлаган. Ал кесепеттер бузукулук жайылган коомго тарай турган жаңыдан пайда болуучу жугуштуу оорулар жана эпидемиялар экендигин баяндады. Азыркы илим жана учурдагы реалдуу көрүнүштөр пайгамбардын ﷺ сөзүн тастыктап жатат.**



# Чычаң сөөк чирибейт


Аллахтын элчиси ﷺ айтты: «Адам баласынын (денесин) бардыгын топурак жейт, (чирийт) бир гана «ажбуз-занаб» деген чычаң сөөгү чирибейт. Адам Кыямат күнү кайрадан ошол сөөктөн жаралат». Муслим

## Илимий акыйкат

Эмбриологдор «баштапкы тилке» уруктануунун он бешинчи күнү пайда болгондон кийин эмбриондун катмарларынын жана органдарынын, өзгөчө нерв системасынын пайда болушуна натыйжалуу салым кошоорун аныкташкан. Андан кийин жип кичирейип, артка ийилип, анын касиетин сактап, омуртканын түбүндөгү чычаң жерге жайгашып калат. Окумуштуулар жаныбарлардын «алгачкы жип» тилкелерин майдалоо жана күйгүзүү аркылуу эксперимент жүргүзүшкөндө андай тажырыйба алгачкы жип клеткаларына эч кандай таасир тийгизген эмес жана алар тирүү абалында өз функциясын аткарып жатышканын байкашкан.

## Кереметтин ачылышы

Пайгамбар ﷺ хадисте: Адамдын баласынын жаралуусу омуртканын төмөн жагындагы «ажбуз-занаб» деген чычаң сөөгүндө толукталып, кыямат күнү кайрадан ошол сөөктөн жаралаарын жана ал жок болуп кетпей турган, чыдамдуу экендиги тууралуу маалыматты окумуштуулардын узакка созулган, ар кандай изилдөөлөрдөн кийин ачып жатат.



# Жеп-ичүүдөгү ченемдүүлүк

Аллах Таала айтты: «Жегиле, ичкиле, бирок ысырапкорлук кылбагыла! Анткени Аллах ысырапкорлорду жакшы көрбөйт». (Аъраaф:31)

## Илимий акыйкат

Заманбап изилдөөлөр семирүү жана ашыкча жеп-ичүү, тамак сиңирүү кыйынчылыгы жана ашказан жарасы сыяктуу көптөгөн ооруларга себеп болоорун аныктады. Мындан тышкары, адамдын кыймылын чектеп, өндүрүшүн азайтып, зат алмашууну бузат. О.э. майдын топтолушу көбөйгөндүктөн, эндокриндик көйгөйлөрдү жаратат.

## Кереметтин ачылышы

Аятта Аллах Таала пенделерине жеп-ичүүдө орточо болууга буйруп, ашыкча ысырапкорчулуктан эскерткен. Заманбап изилдөөлөр да ысырапкорчулуктун жана анын натыйжасынан келип чыккан оорулардын кооптуулугун ырастап, Ислам динindеги көрсөтмөлөрдүн даанышмандуулугун ачыктап жатат.



# Жети кабат жер

Аллах Таала айтты: «Ал Аллах - жети асманды жана ошондой эле жерди да жаратып койгон». (Талак:12)


«Аллах жети кабат асманды кантип кабат-кабат (кылып) жаратканын көрбөй жатасыңарбы?». (Нух:15)

## Илимий акыйкат

Окумуштуулар жер катмарларынын саны үчөө деп ойлошкон. Кийинчерээк алар жаңы эки катмарды таап, саны бешке жетти. Американын геологиялык кызматы болгон (USGS) борбору жер астындагы сейсмикалык толкундар менен жасаган сканерлөөсүндө бул катмарлардын чыныгы саны жетөө экендигин аныктады.

## Кереметтин ачылышы

Биринчи аятта жердин саны жети болуп, асмандын саны менен бирдей экендигин белгилесе, экинчи аятта жердин жети катмардан турарын айтып жатат. Аятта айтылган нерсе илимий бүгүнкү күнү чындык болууда.



# Оттун келип чыгышы

Аллах Таала айтты: «**Күйгүзгөн отуңарды көрбөйсүңөрбү? Анын дарагын силер жараттыңарбы, же Жаратуучу Бизби?!**». (Ваакиа:71-72)

## Илимий акыйкат

Жашыл дарак күндүн энергиясын алат жана аны фотосинтез аркылуу өзүнүн структурасында сактаган химиялык энергияга айлантат. Андан кийин ал отундун башка түрлөрүн пайда кылуу үчүн негиз болуп калат. Ошондуктан ал кургаганда жыгач жана отун болот. Ал эми жасалма жол менен көмүргө айланса, өсүмдүк көмүрү, ал эми табийгый жол менен болсо, таш көмүр болот. Андан мал жесе, денесинде майлуу затка айланып, өлгөндөн кийин белгилүү бир шартта мунайга жана ага жанаша газдарга айланат.

## Кереметтин ачылышы

Ыйык аятта оттун келип чыгышы жана анын булагы дарактар экени айтылган. Отту тутандырууга жарактуу жыгач, май, көмүр, нефть жана табийгый газдын бардыгы от жагууга жарактуу болуп, алардын негизи болуп өсүмдүк жана дарактар болоорун заманбап илимдин фактыларына дал келип, тастыкталды.



# Өрт куюну (торнадосу)

Аллах Таала айтты: «**Бакчасына оттуу куюн жетип, өрттөнүп калышын силерден бирөө каалайт беле? Ой жүгүртүүнөр үчүн Аллах силерге аяттарын ушундай түрдө түшүндүрөт**». (Бакара:266)

## Илимий акыйкат

Өрт куюну эң катуу, коркунучтуу жана кыйратуучу түрлөрүнүн бири болуп саналат. Бул сейрек кездешүүчү көрүнүш ушул кылымдын башында, бир нече жыл мурун келген 2010-жылы Бразилиянын токойлоруна жана 2012-жылы Австралиянын токойлоруна катуу сокку урганда окумуштуулардын көңүлүн өзүнө бурган. Иликтөөлөр жана изилдөөлөрдөн кийин өрт торнадосу – оттун таасири астында ичине кирген оттун кесепетинен өрт куюну формасын алып, жолунда турган нерселердин баарын күйгүзүп, жок кылган бул кадимки торнадо экени аныкталган.

## Кереметтин ачылышы

Ыйык аят өрт куюну (торнадосу) жана анын кыйратуучу таасири тууралуу кабарлап, аны өтө кылдат деңгээлде мүнөздөп, баяндалган. (Оттуу куюн) Ал эми анын сыпаты жана себептери тууралуу акыркы он жылдарда гана илимий түрдө аныкталып, документтештирилген.



# Жылдыздардан темирди түшүрүү

Аллах Таала айтты: «Ошондой эле Биз темирди түшүрдүк. Анда адамдар үчүн мыкты күч жана пайда бар». (Хадид:25)

## Илимий акыйкат

Жердеги (анын кыртышындагы) темир асмандан түшүрүлгөнү илимий жактан далилденген. Бул чындыкты окумуштуулар 20-кылымдын акыркы 50-жылдарынын аягына чейин аңдашкан эмес. Окумуштуулардын айтымында жерден табылган темир жер бетине майдаланып жамгыр сыяктуу жааган Кызыл гиганттар сыяктуу жылдыздардын ичинде пайда болгон. Алар күндүн диаметринен 15 тен 45 эсеге чейин жеткен жана жарыгы болжол менен күндөн жүз эсе же андан көпкө барабар болгон жылдыздар.

## Кереметтин ачылышы

Ыйык аятта темирдин түшүрүлгөнүн тастыктаган. «Биз темирди түшүрдүк...» Ал эми заманбап илим муну 50 жылдардын аягында гана аныктап, ачып жатат.



# Аллах Тааланын бал аарысына вахий кылуусу

Аллах Таала айтты: «Эгең бал аарыга: «Тоолорго, жыгачтарга жана адамдардын курулуштарына уя сал» – деп буюруп, «ар түрлүү өсүмдүктөрдөн жеп, Эгеңдин жеңил кылып койгон жолуна түш!» – дедик. (Аллах) аарынын ичинен түрлүү-түрлүү балдарды чыгарды. Анда адам баласы үчүн шыпаа бар. Чындыгында, мында да ой жүгүрткөн коом үчүн ибарат-өрнөктөр бар». (Нахл:68-69)

## Илимий акыйкат

Окумуштуулар бал аарынын мээсинде чоңдугу бир төөнөгүчтүн башынан ашпаса да, болжол менен бир миллион клетка бар экендигин жана бул мээнин ар клеткасынын ичинде жогорку тактыктагы программа бар кичинекей бир компьютер деп сыпаттоого боло турган нерсе бар экендигин айтышат. Дал ошол программа аарыга өз кызматын аткарууда багыт берип, миссиясы -бир гана азык топтоп, бал чогултууга программалашкан макулук сыяктуу. Окумуштуулар мындай кубулуш тууралуу: «Бал аарылары аныкталган мындай билимге адамдар сыяктуу үйрөнүү менен ээ болушпайт. Тескерисинче, аарынын мээсиндеги клеткаларда комплекстүү бир программа бар жана ал программа бал аарыда миллиондогон жылдардан бери болуп келген», - деп айтышат.

## Кереметтин ачылышы

Куран аятында Аллах Тааланын аарыларга вахий кылып, өз кызматын аткарууга жол көрсөтүп багыт берүүсү тууралуу айтылат. Заманбап изилдөөлөрдүн натыйжалары дагы аарынын кереметтүү жаратылгандыгы, анын жүрүм-туруму, азык топтоп, бал жасоого болгон умтулуусун ачыктап жатат.



# Көрүүдөн мурда угуу

Аллах Таала айтты: «**Айткын: «Ал силерди жоктон бар кылып, силерге угуу, көрүү жана туюуну жаратты. Силер аз шүгүр кылып жатасыңар!**». (Мулк:23)

## Илимий акыйкат

Угуу системасы эмбрионалдык абалында өнүгүп, көрүү системасына чейин эле калыптанат да түйүлдүк эненин курсагында бешинчи айында эле үндөрдү уга баштайт. Бирок жарыкты жана сүрөттөрдү жарык дүйнөгө келгенге чейин көрбөйт. Ошондой эле угууга керектүү болгон бүт нервдер жана мээдеги угуу борбору көрүүгө таандык көрүү борборунан көп убакыт мурун өнүгүп жетилет.

## Кереметтин ачылышы

Курандагы адамдын жаралуусу жана пайда болуусуна байланыштуу бардык аяттарда эч бир өзгөчөлүксүз көрүүдөн мурда угуу тууралуу биринчи айтылат. Заманбап илимдин негизинде да бул нерсе капыстан максатсыз болуп калбагандыгы айкын болду. Чындыгында бул, Куран керемети болуп, адамзат аны кийин гана андап, билип олтурат.



# Мисвак-оозду тазалоочу каражат

Аллахтын элчиси ﷺ айтты: «Эгерде менин үммөттөрүмө (же: адамдарга) аткаруу оор болбогондо, анда, мен аларга ар бир намаздын алдында мисвакты колдонууну сөзсүз буюруган болоор элем!». (Дагы бир риваятта: «ар бир даарат алган учурда» - деп айтылат.) Бухарий, Муслим

## Илимий акыйкат

Ооздо микробдор (оралдык бактериялар тобу) деп аталган көптөгөн типтеги микробдор жашайт. Алар узак убакыт бою ооздо өсүп, көбөйүп кетсе зыян алып келет. Заманбап лабораториялык изилдөөлөр араак таякчасынан жасалган жашыл мисвактын курамында көп пайызда таниндер бар экенин тастыктап жатат. Ал тиштин каноосун токтотуп, аларды бекемдөөгө жардам берет. Изилдөөлөр мисвактын курамында жыты кескин, даамы ачуу жана микробду жок кылуучу зат бар экендигин аныктады.

## Кереметтин ачылышы

Аллахтын элчиси ﷺ ар бир намаздын алдында жана даарат учурунда мисвак колдонууну катуу сунуш кылган. Акыркы изилдөөлөр мисвактын көп пайдасы бар жана ооздогу микробдорду жок кылуучу таасирге ээ экендигин көрсөттү. Натыйжада пайгамбарыбыздын ﷺ мисвак колдонуу тууралуу айткан күчтүү насааттарындагы даанышмандык ачыкка чыкты.



# Орозо кармоо-алдын алуунун жана дарылануунун эң жакшы жолу

**Аллах Таала айтты: «Эгер билсеңер орозо кармооңор силер үчүн жакшыраак». (Бакара:184)**

## Илимий акыйкат

**Орозонун ден-соолук үчүн көптөгөн пайдасы бар. Ал иммундук системаны бекемдейт, топтолгон майларды эритүүгө өбөлгө түзөт жана семирүү менен байланышкан жүрөк-кан тамыр ооруларынан, мисалы, жүрөк жетишсиздигинен, инфарктан, тамырлардын бүтөлүүсүнөн жана атеросклероздон коргойт. Орозо бөйрөктө таш пайда болушунан да сактайт. Анткени кандагы натрийдин көлөмүн көбөйтүп, кальций тузунун кристаллдашуусуна тоскоол болот. Ошондой эле организмдеги клеткаларда жана териде топтолгон токсиндердин айрыкча жасалма жана узак мөөнөттүү тамак-аш жана дары-дармектерден улам келип чыккан зыяндардан коргойт.**

## Кереметтин ачылышы

**Аятта орозо кармоонун адамдар үчүн жакшы экендиги айтылат. Анын жакшы болуусу эч кандай шарт менен чектелбестен, абсолюттук түрдө билдирилгендиктен, ал жакшылык ар түрдүүчө болот. Орозонун ден-соолукка болгон пайдасынын айрым жактарын изилдөөлөр жана клиникалык сыноолор аркылуу жаңы гана ачылып жатат. Бул изилдөөлөр орозо кармоонун ден-соолукту сактоодот да, ооруларды дарылоодо да көптөгөн пайдалары бар экенин көрсөттү. Мындай жыйынтыктар ислам шариатынын даанышмандуулугун дагы да ырастап жатат.**



# Күн – жарыктык булагы, ай жарыкты чагылдыруучу

Аллах Таала айтты: «Асманда топ жылдыздарды жасап, анда чыракты (күндү) жана жарык берүүчү айды Жараткан улук болду!». (Фуркан:61)

«Жаркыраган чырак жасадык». (Набаъ:13)

## Илимий акыйкат

Астрономдор Күндү өзүнөн өзү энергия чыгаруучу жылдыздардын катарына кошушат. Анткени ал энергияны өзүнүн ички бөлүгүнөн алат. Анын жарыгы (отуну) жогорку басым, тыгыздык жана температура шарттарында атомдук аралашмадан турат. Ал эми ай өзүндө жарыгы жок болуп, күндүн нурун чагылдырган караңгы асман телосу катары классификацияланат.

## Кереметтин ачылышы

Ыйык Куран аяттары күн менен ай жөнүндө сөз кылганда, жаркыраган жылдыз менен караңгы асман телосунун ортосундагы так айырмачылыкты көрсөтөт. Анда күндү өз энергиясы менен күйүп, өз жарыгын чыгарган чырак деп сыпатталат. Ал эми ай болсо, жарык болуп сүрөттөлөт. Башкача айтканда, ал күндөн алган жарыктын нурларын ички отун булагысыз чагылдырат. Бул чындыкты бүгүнкү күндө бардык астрономдор ырастайт.



# Жүрөктөр Аллахты эстөө менен гана тынчтык табат

Аллах Таала айтты: «Ыймандуулар – Алланы эскергенде жүрөгүндө тынчтык орногондор. Демек, Алланы эскергенде жүрөктөр тынчтык табат». (Раъд:28)

## Илимий акыйкат

Акыркы изилдөөлөр жана тажырыйбалар адамдын ыйманга болгон тенденциясы табийгый тенденция экенин жана адамдын акыл-эси динчил болууга ылайыктуу түрдө пландаштырып даярдалганын баса белгилейт. Жаңы техникалар аркылуу мээге жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн кыскача тыянагы мындай: Аллахка болгон ыйман туура табиятынан алыстабай туруп, андан кутулуу мүмкүн болбой тургандай пландалып, адамдын мээсине жайгаштырылган. Изилдөөлөр ошондой эле Аллахка багынуучулук (хушуъ) менен кылынган ибадаттын адамдын денесине жана психологиясына оң таасирин тийгизээрин көрсөтүүдө. Анын таасирин лабароториялык ыкма менен да салыштырып көрүүгө болот.

## Кереметтин ачылышы

Ыйык Куран ушул аяттагыдай, адамдарды Аллахка ыйман келтирүүгө жана Өзүнө гана ибадат кылууга кайра-кайра чакыруусу жана бул нерсе адам үчүн бакытка, бейпилдикке алып баруучу ошондой эле бактысыздыктан, азап-кайгыдан кутултуучу жол экендигин бүгүнкү күндө тастыкталып жатат. Ал боюнча жасалган теориялык жана лабароториялык изилдөөлөр Курандын кереметин жана даанышмандуулугун ачык далилдеп жатат.



# Жер кичирейүүдө

Аллах Таала айтты: «Алардын жерине келип, ар тараптан кемиткенибизди көрбөйбү? Эгерде Аллах бир нерсеге өкүм кылса, ага эч ким каршы тура албайт. Ал эсеп кылууда өтө тез». (Раъд:41)

## Илимий акыйкат

Геологиялык изилдөөлөр жердин азыркы формасын ар кандай этаптардан өткөнүн көрсөтүүдө. Жердин пайда болушунун алгачкы көлөмү азыркы көлөмүнөн 100 эсе көп болгон. Андан кийин ал бүгүнкү күндөгү көлөмгө жеткенге чейин кичирейген. Кичирейүү дагы деле уланууда. Изилдөөлөр көрсөткөндөй жердин массасынан жыл сайын миң тонна жоготкондугун көрсөтүп жатат. Жанар тоонун атылышы, жердин газ жана буу менен жарылып кетиши жана салыштырмалуу кичинекей бөлүкчөлөрдүн жердин тартылуу күчүнөн чыгып космоско чыгышы сыяктуу уланып жаткан жоготуулардан улам жер өзүнө карай ар тараптан кичирейип баратат.

## Кереметтин ачылышы

Куран аятында жердин азайып, кичирейүүсү тууралуу эч кимдин оюна келбеген убакта айтып койгон. Бүгүнкү күндө ар түрдүү заманбап изилдөөлөрдөн кийин геологдор жердин миллиарддаган жылдар бою кемип, азайып келе жатканын аныктап чыгышып, Курандын укмуш кереметтеринен бири ачыкка чыкты.



# Жер - бул таза

Аллахтын элчиси ﷺ айтты: «**Жер (бети) мен үчүн таза жана мечит кылынды**». Муслим

## Илимий акыйкат

Окумуштуулар топурактын чаңында эффективдүү дезинфекциялоочу заттар бар экендигин аныкташты жана алардын ар кандай микробдорду жок кылуу жөндөмдүүлүгү жогору болуп, ал тургай өндүрүлгөн жасалма тазалоочу каражаттар жок кыла албаган нерселерди жок кылуу жөндөмүнө ээ экендигин билишти. Окумуштуулар топурактын бул касиеттеринен пайдаланып, андан заттарды жана антибиотикерди алып, аны стерлизация жана дезинфекцияга колдонуу жаатын изилдеп жатышат.

## Кереметтин ачылышы

Пайгамбар ﷺ жердин топурагын таза деп сыпаттап, башкача айтканда анда тазалык касиети бар экендигин айткан. Бул чындыкты азыркы илимий изилдөөлөр ырастоодо.



# Жатындардын жыйрылуусу жана кеңейүүсү


Аллах Таала айтты: «Аллах ар бир ургаачынын жатынындагыны жана анын (жатындын) жыйрылуу же кеңейүү өлчөмүн билет. Анын алдында баарынын өлчөмү бар». (Раъд:8)

## Илимий акыйкат

Илимий изилдөөлөр көрсөткөндөй, кээ бир түйүлдүктөр кош бойлуу аялдар сезбеген абалда түшүп калат. Алардын айрымдары овуляциядан кийинки алгачкы алты жуманын ичинде жатындын ичинде таркап жок болоору аныкталган. Ар бир мындай түйүлдүк жатындын түбүнө чөгүп, ал жерде таптакыр жок болуп кеткендиктен анын кичирейишине себеп болот. Бул көрүнүш «купуя бойдон түшүү», «бош кош бойлуулук баштыкчасы» жана «жоголуп бараткан эгиздер» сыяктуу ар түрдүү илимий аталыштарга ээ.

## Кереметтин ачылышы

Аятта жатындын кичирейгени айтылып, муну түйүлдүктүн көлөмүнүн кичирейиши катары сүрөттөлөт. Аяттагы «تغيض» сөзү так маанини түшүндүрүп, түйүлдүктүн түшүп калуусу жана жатындагы суюктуктун кургашы менен коштолгон кичирейүү маанисин камтыйт.



# Табийгый түрдө эмизүү баланы коргойт

Аллах Таала айтты: «Эмизүүнүн толук болушун каалаган энелер балдарын толук эки жыл эмизишет». (Бакара:233)

## Илимий акыйкат

Жарым кылымдан бери уланып келе жаткан илимий изилдөөлөр эне сүтү баланын азыктануусу, ден-соолугу жана психологиясы үчүн эң жакшы жана эң пайдалуу жол экендигин көрсөтүүдө. Жаңы изилдөөлөр көрсөткөндөй, эмчек сүтү, өзгөчө төрөлгөндөн кийинки алгачкы күндөрдөгү эненин сүтү баланы көптөгөн коркунучтуу оорулардан коргойт. Бул изилдөөлөр ошондой эле эки жыл бою эмчек эмизүүнү улантуу менен эмчек сүтүнөн толук пайда алуу мүмкүн экендигин көрсөтүп турат.

## Кереметтин ачылышы

Жогорудагы аятта Аллах Таала момун аялдарды балдарын эмизүүгө багыт берип үндөгөн. Кээ бир тафсирчилердин пикиринде эске салуу иретинде келиши (б.а. эмизгиле! –деген буйрук иретинде эмес, «эмизишет» -деп, үндөө иретинде келген. Аллах Таала аялдар үчүн эки жыл эмизүү мөөнөтүн белгилеген. Бул мезгилди заманбап изилдөөлөр ырастап жатат. Ошондой эле бул изилдөөлөр эмчек сүтүнүн маанилүүлүгүн баса белгилейт.



# Адам топурактан жана суудан жаратылган

Аллах Таала айтты: «Анын белгилеринин бири – силерди топурактан жаратышы. Кийин силер адам болуп (жер бетине) таркатылдыңар». (Рум:20)

«Ал инсанды суудан жараткан жана ага бир туугандарды жана жек-жааттарды берген. Эгең Кудуреттүү». (Фуркан:54)

## Илимий акыйкат

Жаңы илимий изилдөөлөр магний, калий, темир сыяктуу адамдын денесинде бар болгон бардык элементтер топуракта да бар экендигин тастыктайт. Адамдын денесиндеги суунун көлөмү да болжол менен 70% пайызды түзөт.

## Кереметтин ачылышы

Бир эмес, көптөгөн аяттарда адамдын суу жана топурактан жаратылганы айтылат. Муну заманбап изилдөөлөр жана ачылыштар да тастыктап, адамдын денесиндеги элементтердин бардыгы топуракта да бар экендигин ырастайт.



# Чаңдаштыруучу шамалдар

Аллах Таала айтты: «**Биз чаңдаштыруучу (жамгырлуу) шамалды жөнөтөбүз жана асмандан силерге жаан жаадырабыз, силерди ошону менен сугарабыз. Анын казыналары силердин колуңарда эмес**». (Хижр:22)

## Илимий акыйкат

Заманбап илим, шамалдын чаңчаларды ташуу процессинде, өзгөчө жыты, ширеси жана курт-кумурскаларды тарткан түсү жок гүл ачкан өсүмдүктөр үчүн маанилүү жана эффективдүү роль ойноорун аныктады. Алар чаң жана топурак аркылуу чачырап, жер бетине көтөрүлөт. Ошентип, шамал булуттардын пайда болушуна гана эмес, алардын чаңдалышына жана жаан-чачындын да маанилүү фактору болуп саналат.

## Кереметтин ачылышы

Ыйык Куран аяты шамалдардын аткарган маанилүү бир кызматын билдирет. Ал өсүмдүктөрдү жана булуттарды чаңдаштыруу болуп саналат. «Биз чаңдаштыруучу шамалды жөнөтөбүз», - шамалдын бул функциясын адамдар 20-кылымдын башында гана ачкан. Тактап айтканда, шамал көтөргөн чаң жана топурак булуттардагы суу бууларынан топтолушуна өбөлгө түзүп, тамчылардын көлөмү чоңоет. Бул жагдай жамгырдын нөшөрлөп жаашына алып келет.



# Берекелүү май

**Аллах Таала айтты: «Анжир менен зайтунга касам!». (Тин:1)**

**Аллахтын элчиси ﷺ айтты: «Зайтун майын жегиле жана аны (денеңерге) сүрткүлө, анткени ал берекелүү дарактан». Тирмизий**

## Илимий акыйкат

**1986-жылы доктор Гранди өзүнүн изилдөөсүндө буга чейин кеңири тараган карама каршы болгон пикирден айырмаланып, зайтун майынын кандагы холестеролду төмөндөтөөрүн далилдеген. Андан соң зайтун майынын пайдасы боюнча изилдөөлөр улантылган. 1997-жылы дүйнөдөгү эң атактуу он алты медицина илимпоздору Римде жолугушуп, зайтун боюнча илимий изилдөөлөрдү карап чыккандан кийин зайтун майын колдонуу коронардык артерия, жогорку кан басымы, кант диабети жана кээ бир рак оорулары сыяктуу көптөгөн оорулардан коргонууга жардам берери тууралуу отчет берип, ырасташты. Андан кийин зайтун майынын пайдаларын тастыктаган изилдөөлөр байма-бай жүргүзүлүп, бүгүнкү күнгө чейин уланууда.**

## Кереметтин ачылышы

**Аллах Таала зайтундун пайдаларын баса белгилеп ага касам айткан. Ошондой эле, пайгамбар ﷺ аны жеп, майын сүртүүнү да сунуштаган жана зайтун дарагын берекелүү, пайдасы көп деп сыпаттаган.**



# Кара тешиктер


Аллах Таала айтты: «Жок! Жылдыздарга ант! Жашынма жылдызга». (Таквир:15-16)

## Илимий акыйкат

Окумуштуулар «Кара тешик» деп аталган жаңы жылдызды табышты. Алар башкалардан айырмалап турган жери алардын тыгыздыгы жана интевсивдүү тартылуу күчү менен мүнөздөлгөн объектилер. Алардын туткунунан эч нерсе качып кутула албайт. Атүгүл жарыктын өзү да, ваакумдагы ылдамдыгы секундасына 300 миң километрди түзөт. Өлчөмү күндүн көлөмүнөн бир нече эсе чоң болгон бул алп жылдыздар катылган жана көрүнбөй тургандыгы жана космосто тез жылып, жолунда бардыгын, керек болсо жылдыздарды да шыпырып кетүүсү менен өзгөчөлөнөт. Ошондуктан алар гигант шыпыргылар деп аталат.

## Кереметтин ачылышы

Кара тешиктер тууралуу жаңы ачылган илимий чындыктар Куран аяттарына дал келет. Аяттагы (الخناس) сөзү «көрүнбөгөн» дегенди түшүндүрсө, (الجوار) сөзү «тез жүрүүчү», ал эми (الكنس) сөзү «алдынан чыккан нерсени шыпыруучу», - дегенди түшүндүрөт.



# Тоолор - жердин казыгы

Аллах Таала айтты: «Тоолорду казык кылдык». (Наба:7)

## Илимий акыйкат

Геологдор узак убакытка чейин созулган изилдөөлөрдүн натыйжасында 19-кылымда жер кыртышынын «плиталар» же «катмарлар» деп аталган чектеш бөлүкчөлөрдөн тураарын жана бийик тоолордун бийиктигине жараша жер астына созуларын жана бул плиталардын жер астындагы катмарларга жардам берерин аныкташкан. Алардын тамырлары созулган бойдон туруктуу калат да, натыйжада бул плиталар титиреп, кыймылдабайт.

## Кереметтин ачылышы

19-кылымдын орто ченине чейин белгисиз болуп келген тоолордун акыйкаты жана алардын кызматы жөнүндө адам баласы кабарсыз болуп турган мезгилде, ыйык Куран китебинде тоолорду казыктарга салыштырган. Мунун чындыгы жакында гана акыркы геологиялык ачылыштан кийин белгилүү болууда.



# Тоолор сууну тазалайт

Аллах Таала айтты: «**Анын (үстүнө) Биз бийик тоолорду жайгаштырдык жана силерге таттуу сууну ичирдик**». (Мурсалат:27)

## Илимий акыйкат

Булуттардын пайда болушунда жана жаан жаашында тоолор маанилүү роль ойнойт. Ошондой эле, булуттан түшкөн суу атмосферада заводдордон жана транспорт каражаттарынан чачылган булгоочу заттардын бир бөлүгүн өзүнө сиңирип алат. Бирок ошого карабастан суу жерге жетип, топурак жана таштардын ар кандай катмарларынан өткөндө, ал үчүн табийгый тазалоо процесси жүрөт. Ошентип, суунун тамчысы канчалык узак аралыкты аралап өтсө, ошончолук анын тазалыгынын деңгээли артат. Демек, бийик тоолорго түшкөн суу эң таза суулардан болуп саналат. Анткени, ал суулар бийик тоолордон узак аралыкты басып өтөт.

## Кереметтин ачылышы

Жогорудагы аятта тоолор менен аккан таза суунун ортосунда байланыш бар экени айтылат. Т.а. булуттардын пайда болушу, жаандын жаашы жана суунун тазаланышында тоолордун аткарган ролуна ишарат кылынат. Бул нерсени учурда заманбап илим тастыктап, колдоодо.



# Тери ооруну өткөрүүчү


Аллах Таала айтты: «Акыйкатта, аяттарыбызга ишенбегендерди Биз отко киргизебиз. Алардын терилери (тозокто) күйүп бүтөр замат (алар азапты татышы үчүн) Биз аны башка териге алмаштырабыз. Акыйкатта, Алла Ызаттуу, Даанышман». (Ниса:56)

## Илимий акыйкат

Илимий ачылыштар дооруна чейин, дененин бардыгы ооруну сезет деген ишеним болуп келген. Териде ооруну жана башка сезимдерди нерв учтары бар экени, бул нерв учтары териде көп болуп, алардын аткарган кызматы жана анын маанилүүлүгү туурасындагы илим ачылганга чейин эч кимге белгисиз болуп келген. Териси жарым жартылай күйгөн адамдардан айырмаланып, териси толук күйгөн адамдар ооруну өткөрүүчү нерв учтары жараксыз болгондуктан эч кандай ооруну сезишпей турганын экспертизанын адистери аныкташкан. Ал эми экинчи даражадагы күйүктө бул нерв учтары ачылгандыктан алда канча катуу ооруйт.

## Кереметтин ачылышы

Аллах Таала аятта оорунун орду тери экенин билдирген. Акыретте оттон кыйналган адамдын териси күйүп, бышып, өз түзүлүшүн жана функциясын жоготкондо, анын ордуна түзүлүшү толук жана өз милдетин толук аткарган жаңы тери менен алмаштырылат. Ал эми күйүү ысыгын жана азабын сезүү үчүн теридеги нерв учтары кайрадан өз калыбына келтирилет. Бул заманбап илими ырастаган акыйкаттын бири болуп саналат.



# Кара зире (тмин) бардык ооруга шыпаа

Аллахтын элчиси ﷺ айтты: «**Кара зиреде өлүмдөн башка бардык ооруларга шыпаа бар**» - деп. Бухарий, Муслим

## Илимий акыйкат

Акыркы убактарда ар кандай журналдарда кара зиренин пайдасы тууралуу ар түрдүү изилдөөлөр жарыяланды. Ал изилдөөлөрдүн көпчүлүгү кара зире бронхиалдык астма жана бронхит сыяктуу көптөгөн ооруларды дарылоодо, ошондой эле, ал рактын кээ бир түрлөрүн прогрессин басаңдатуу үчүн натыйжалуу экендигин тастыктады. Бирок бул жаатта жасалган эң маанилүү изилдөөлөрдүн бири 1986-жылы АКШда жүргүзүлгөн изилдөө болуп, ал изилдөөдө кара зиренин иммундук системаны чыңдоодо оң таасири бар экендиги аныкталган.

## Кереметтин ачылышы

Бул хадистеги керемет - Аллахтын элчиси ﷺ кара зиренин ар бир ооруга даба экендигин айткандыгы болуп, жаңы илимий изилдөөлөрдө кара зиренин иммундук системаны чыңдоого оң таасирин тийгизерин ырастап жатат. Ал эми күчтүү иммундук система оорулардын себептери менен күрөшүүдө гана эмес, аны жок кылууда да абдан активдүү ролду аткарат.



# Айлана - чөйрөнү сактоо

Аллах Таала айтты: «Жакшы жердин өсүмдүктөрү Алланын каалоосу менен чыгат. Кунарсыз жерге болсо аз нерсе чыгат». (Аъраф:57)

Тафсир китептеринде мындай түшүндүрмө берилген: Топурагы жана суусу таттуу болгон шаарда жашылча-жемишер толук жана өз убагында өсөт. Топурагы начар суусу туздуу болгон шаарда жашылча жемиштер аятта айтылгандай «накид» болуп өсөт. Бул-алсыз, пайдасыз жана аз дегенди билдирет.

## Илимий акыйкат

Айлана–чөйрө боюнча заманбап илимий изилдөөлөр суу, аба жана топурактан турган экологиялык шарттарды жана тартипти коргоонун абдан маанилүү экендигин баса белгилеп, булгануу жана чөйрөнүн бузулуу коркунучу тууралуу эскертет. Анткени анын натыйжасында топуракта өсүмдүктөр алсыз жана аз түшүмдүү болуп калат. Бүгүнкү күндө айлана-чөйрөнү коргоо, анын бузулушуна жол бербөө максатында көптөгөн эл аралык конференциялар, семинарлар уюштурулуп, айрым келишимдерге кол коюдууда.

## Кереметтин ачылышы

Жогорудагы аятта айлана чөйрөнүн булганышы проблемасын билдирип, анын кыйратуучу кесепеттери тууралуу эскертет. Ошондой эле ички маанисинде да чөйрөнү бузукулук, ыпыластыктан коргоо көрсөтмөлөрү камылган. Айлан-чөйрөнү коргоо маселелери, өзгөчө курчап турган чөйрөнү сактоо дүйнө жүзүнүн жана экологдордун түйшүгүнө айланды. Куран бул маселеге токтолуп, анын маанилүүлүгүнө басым жасап, кесепеттеринен эскертет.



# Жерден тышкаркы жашоо

Аллах Таала айтты: «**Асмандар менен жердин жана андагы тирүү жандуулардын таратылуусу Анын белгилеринен. Эгер Ал кааласа, аларды жыйнап алууга күчү жетет**». (Шуура:29)

## Илимий акыйкат

Окумуштуулар атмосферанын катмары күйгүзгөн метеориттердин басымдуу бөлүгүндө органикалык сыныктар бар экендигин аныкташкан. Органикалык бөлүктөр клеткадагы тирүү заттын негизин түзөт. Окумуштуулар алыскы аралыктан келген бул байыркы метеорлордун беттеринде бул заттардын болушу Күн системасынын сыртында кандайдыр бир жашоо болушу мүмкүн экендигин далили дешет.

## Кереметтин ачылышы

Күн системасынын сыртында жашаган башка жандык түрлөрүнүн болушу көптөгөн илимий далилдердин жардамы менен чыныгы көрүнүшкө айланды. Куран дагы жүздөгөн жылдар мурун бул чындыкты билдирүүдө жана кабарлоодо дагы да алдыга чыкты. Анткени жогорудагы аят көрсөтүп тургандай Куранда жандык түрлөрү жер бетинде гана эмес, асманда да бар экендиги ачык-айкын айтылууда.



# Ай менен күндүн тутулуусу, Аллахтын аят-белгилеринен


Аллахтын элчиси ﷺ айтты: «**Чындыгында, күн жана ай – бирөөнүн тирүү болгондугуна же өлгөнүнө байланыштуу тутулбайт. Бирок, ал экөөсү Аллахтын белгилеринен болгон эки аят- белги**». Бухарий

## Илимий акыйкат

Заманбап илим күн менен айдын тутулуусу табийгый космостук кубулуш экенин баса белгилейт. Күндүн тутулуусу ай күн менен жердин ортосуна келгенде пайда болуп, күн нурунун жерге жетүүсүн бираз убакытка токтотот. Ал эми айдын тутулуусу, жер күн менен айдын ортосуна келип, анын көлөкөсү айдын бетине түшүп, аны караңгылатканда болот. Көбүнчө айдын толук тутулуусу болгондо, айды ачык кызыл түс каптайт.

## Кереметтин ачылышы

Адамдар күндүн же айдын тутулуусу падышанын же улуу инсандын өлүмүнөн улам болот деген ишенип турган мезгилде, пайгамбарыбыз ﷺ бул эки кубулуш табийгый түрдө Аллах Тааланын аят-белгилеринен болуп, адамдар түшүнгөн же ойлогондой кайсыл бир нерсе үчүн болбостугун баса белгилеген. Муну заманбап илим дагы ачып, ырастады.



# Арак – бул, оору, дары эмес

АЛЛАХТЫН ЭЛЧИСИНЕН ﷺ АРАКТЫ ДАРЫЛЫК ҮЧҮН КОЛДОНУУ ТУУРАЛУУ СУРАЛГАНДА, АЛ: «АЛ ООРУ, ШЫПАА ЭМЕС!»- ДЕП, ЖООП БЕРГЕН. Муслим

## Илимий акыйкат

Азыркы убакка чейин дарыгерлер спирт ичимдиктерин дары деп, аны ченеми менен ичүү ден-соолукка жардам берет деп айтып келишкен. Андан соң, илгерки мезгилде дарыгерлер ичимдиктин организмге көп пайдасы бар, анын ичинде тамакты сиңирүү, акылды курчутуп, боорду тазалайт деген сөздөрүн азыркы доордогу медицина четке кагып, анын тескерисинче ден-соолукка зыян экендигин ачып, ырастады.

## Кереметтин ачылышы

Пайгамбарыбыз ﷺ хадистеринде алкоголдук ичимдиктер менен дарылоону тыйып, анын дары эмес, оору экенин айткан. Ал мезгилде дарыгерлерде ичимдик дары жана азык деген пикир үстөмдүк кылчу эле. Дарыгерлер мына ушундай пикирди ар кайсы кылымдарда карманып келишкен. Бирок, заманбап медицина пайгамбарыбыздын ﷺ сөзү чындык экендигин ырастады.



# Ичкилик-душмандыкка себеп болот

Аллах Таала айтты: «Чындыгында, шайтан аракта, кумарда ортолоруңарга душмандык, же кек салып, Алланы эскерүүдөн жана намаздан тосууну каалайт. Ошондой болсо да тыйылбайсыңарбы?!». (Маида:91)

## Илимий акыйкат

Жаңы изилдөөлөр спирт ичимдиктеринин узак убакытка ичүү себебинен мээнин көптөгөн борборун, айрыкча башкаруу үчүн жооптуу болгон алдыңкы кашка бөлүгүн иштетпей коерун аныкташкан. Ушул себептен улам, спирт ичимдиктерин ичкен адам тең салмактуулукту жоготуп, кыймылын башкара албай калат жана анда башкаларга карата кастык жана зордук-зомбулук мамилеси пайда болот.

## Кереметтин ачылышы

Аллах Таала ыйык аятта ичкиликтин арамдыгын түшүндүрүүдө анын адамдардын арасында душмандык жана жек көрүүчүлүктү жайылтууга алып келерин айткан. Бүгүнкү күндө изилдөөлөрдүн жыйынтыгы бул чындыкты тастыктап, алкоголдук ичимдиктерди ичүү жана ага көз каранды болуу үй-бүлөлүк зомбулукка жана башкаларга карата душмандык мамиле жасоого алып келерин ырастады.



# Түн менен күндү бөлүп турган сызык

Аллах Таала айтты: «**Ак жип менен кара жип даана таанылган таңга чейин тамактана бергиле**». (Бакара:187)

## Илимий акыйкат

Жасалма спутниктердин жардамы менен илимпоздор жер бетинде күн менен түндү бөлүп турган аймактын сүрөтүн алууга жетишти. Сүрөттү изилдешкенде күн менен түндү бөлүп турган сызык бар экенин аныкташкан. Жер өзүнүн огунун айланасында айлангандыктан, күндүз Жердин Күндү караган тарабында болот. Түн менен күндүздүн ортосундагы ичке сызыкты көрөбүз. Ал жерде экөөсү кайчылашкан болот. Бул бөлүп туруучу сызыктын бир жагы караңгы, экинчи жагы жарык. Алардын ортосунда таңдын башталышы дегенди билдирген таң атырылган аймак бар.

## Кереметтин ачылышы

Бул жердеги белгилей кетчү керемет Курандын бул астрономиялык акыйкатка ишарат кылуусу. Тагыраак айтканда, аны кылдат иретте сүрөттөп, жарык жагын ак жипке, караңгы жагын кара жипке салыштырып, таң болсо, ал экөөсүнүн ортосунда болоору мүнөздөлүүдө. Муну астрономдор жасалма спутниктер жана өнүккөн компьютерлердин жардамы менен кийинчерээк гана ачып отурат.



# Жаныбарлар жана канаттуулар да өздөрүнчө бир коом

Аллах Таала айтты: «**Жер үстүндөгү айбанат жана канаттары менен учкан куш да силер өңдүү коомдор. Биз Китепте эч нерсени таштап койгонубуз жок!**». (Анъаам:38)

## Илимий акыйкат

Жерди кыдырып, эки канаты менен асманда учуп жүргөн жаныбарлар биологдор тарабынан ар кандай жолдор менен классификацияланган жамаат. Алар ар кандай деңгээлде адамдарга окшошуп кетет. Заманбап илим алардын адам коомдору сыяктуу жамааттарда жашоосунан тышкары, алардын алгачкы түйүлдүк мезгилиндеги анатомиялык этаптары жаатынан да адамдарга окшош экендигин аныктады. Ошондой эле, генетикалык коддордо кыртыштардан жана ядролук бөлүктөрдөн турган клеткалар менен органдарда окшоштуктар бар.

## Кереметтин ачылышы

Ыйык аятта жаныбарлар менен канаттуулар адамдардын коомдоруна окшош коомдор катары сүрөттөлүп, бул боюнча биологдор тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжасында да алардын бир нече жагынан адамдар сыяктуу өздөрүнчө коом экендигин аныктап Курандын аларга болгон сыпаттоосун тастыктады.



# Жашоо этабы

Аллах Таала айтты: «Кимге Биз узак жашоо берсек, аны жаратылыш турпатын алсыз кылып коебуз. Акыл калчашпайбы?». (Ясин:68)
«Алла – силерди алсыз суудан жаратып, анан алсыздыктан кийин күч берет. Анан күчтөн кийин кайра алсыратып, картайтат. Ал Өзү каалагандай жаратат. Анткени, Ал – Кабардар, Кудуреттүү!». (Рум:54)

## Илимий акыйкат

Карылык илимине адистешкен илимпоздордун көбү, карылык-өтө системалашкан көрүнүш деп эсептешет. Карылык-гендер аткарган генетикалык программанын талабы. Бул ар бир жандык үчүн бирдей. 1881-жылы бул кубулуштун дененин начарлоосунан турарын жана дененин өз милдетин аткаруу жөндөмүндөгү бир кемчилик экенин, өзүнчө бир эффект катары айткан адам француз доктору Шарко болгон. 20-кылымга чейин көпчүлүк изилдөөчүлөр бул маселеде аны менен макул эмес болгон. Карылык боюнча жаңы көз караш-бул жаңы муундар үчүн орун бошоткон жана жашоонун үзгүлтүксүздүгүн жана көп түрдүүлүгүн сактаган программаланган өзүн өзү жок кылуу абалы болуп саналат.

## Кереметтин ачылышы

Аятта Аллах Таала кимдин өмүрүн узартуу менен тирүү койсо, анын карама-каршысы болорун жана ал күч-кубаттуу жаштыктан кийин алсыз, кары болорун билдирүү менен андагы тартипти (системаны) түшүндүрөт. Акыркы эки кылымда жүргүзүлгөн карылык боюнча изилдөөлөрдүн натыйжалары Куран көрсөткөн чечимге келип токтоду жана карылык капыстан пайда болгон оору эмес, балким программалашкан процесс экендигин тастыктады.



# Жүрөк - акылдын борбору

Аллах Таала айтты: «Алар эмне (саякаттап) жер кезбей жатыша-бы? Анан да, алардын түшүнө турган жүрөктөрү, уга турган кулак-тары болсо кана. Ырасында (каапырлардын) көздөрү сокур эмес. Бирок көөдөндөгү жүрөктөрү сокур!». (Хаж:46)

## Илимий акыйкат

Окумуштуулар жүрөктүн органдарга карата башкаруучу ролду гана эмес, ой жүгүртүү жана түшүнүүдө да эффективдүү роль ойно-орун аныкташкан. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, жүрөк трансплата-циясын алган кээ бир адамдардын мүнөзү, адаттары жана ой жү-гүртүүсү өзгөрөт.

## Кереметтин ачылышы

Куран аяты жүрөктүн түшүнөөрүн баса белгилеген. Заманбап изилдөөлөр да бул чындыкты тастыктап, жүрөктүн кабылдоо жана ой жүгүртүү процесстериндеги таасирдүү ролун ырастаган.



# Жаңы пайда болгон аалам өзүнүн баш ийүүсүн жарыялайт


Аллах Таала айтты: «Анан (Аллах) асманды жаратууну максат кылды. Ал (асман) – түтүн болчу. Ошондо (Аллах) асман менен жерге : «Экөөң тең ыктыярдуу жана ыктыярсыз абалда (Мага) келгиле!»,–деди. Экөө: «Моюн сунган түрдө (Сага) келдик», – дешти». (Фуссилат:11)

## Илимий акыйкат

Окумуштуулар аалам өзүнүн алгачкы этаптарында б.а. газ, чаң жана жогорку температура стадиясында болгондо, үн толкундарын чыгарганын жана бул толкундардын жайылышына абаны толтурган тыгыз газдын болушу жардам бергенин аныкташкан. Талдоо жана изилдөөдөн кийин бул үндөр тынч жана тил алчаак деп мүнөздөлгөн. Кээ бир илимий чөйрөлөр бул ачылышты «Жаңы пайда болуп жаткан аалам сүйлөйт» - деп жарыялашкан.

## Кереметтин ачылышы

Ыйык Куран аятында Аллах Таала асмандарды жараткандан кийин аларга буйрук берип, ал эми алар болсо, буйрукка моюн сунгандыктарын айткан. Заманбап илимий ачылыштар ааламдын алгачкы этаптарында дарактын шыбырашына окшош бир үн чыгарганын тастыктады. Кээ бир окумуштуулар бул космостук дирилдөөнүн графигин тартышканда анын тынч жана тил алчаактыгы байкалган.



# Ааламдын атмосферанын тышында караңгы болуусу


Аллах Таала айтты: «Ал түгүл Биз аларга асман эшигин ачып койсок, алар ошолор аркылуу көтөрүлүшсө да, алар анда: «Албетте, биздин көзүбүз тосулуп (тумандап) калды, биз сыйкырланган эл болдук», – дешээр эле». (Хижр:14-15)

## Илимий акыйкат

Адамзат 20-кылымдын 60-жылдары космоско чыгууга жетишкенде, жердин күнгө караган тарабындагы күндүзгү жарыгын деңиз деңгээлинен 200 км бийиктикке жете тургандыгы илимий жактан далилденген. Адам бул аралыктан ашып кеткенде, жылдыздар жана планеталар көрүнгөн түнкүдөй караңгы чөйрөдөй күндү сары диск катары көрөт. Кең космосту караңгылык толук ээлеп, камтып алат.

## Кереметтин ачылышы

Ыйык Куранда “Ал түгүл Биз аларга асман эшигин ачып койсок, алар ошолор аркылуу көтөрүлүшсө да, алар анда: “Албетте, биздин көзүбүз тосулуп (тумандап) калды, биз сыйкырланган эл болдук”, – дешээр эле”- деген аятта ишарат кылгандай, эгер адамзатка асманга көтөрүлүү мүмкүнчүлүгү берилсе, алар капыстан караңгылыкка туш болушуп, эстеринен танып, таң калуу менен: “Албетте, биздин көзүбүз тосулуп (тумандап) калды, биз сыйкырланган эл болдук”, – дешээр эле”. Бул кубулуш тууралуу заманбап изилдөөлөрдөн кийин, адамзат космоско жеткенде гана билип отурат.



# Аллах асманды кулоодон сактайт

Аллах Таала айтты: «Өз буйругусуз асмандын жерге түшүшүн токтотуп турганын көрбөй жатасыңарбы?». (Хаж:65)

## Илимий акыйкат

Заманбап илимий изилдөөлөр атмосферанын 5 миллиард килограммдан ашкан эбегейсиз салмагына байланыштуу Жерге кулап түшүү ыктымалын көрсөтүүдө. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, “тартылуу күчү” жана “тыгыздык мыйзамы” сыяктуу кылдат мыйзамдар себептүү асман сакталып турат. Бул мыйзамдардын бузулушу жер бетиндеги жашоону толугу менен жок кылуучу аба жана оор булуттардын кулашына себеп болот.

## Кереметтин ачылышы

Куран аяттары асмандын жерге кулап түшүү ыктымалына ишарат кылган. Бул ыйык аят ал нерсени эч ким элестете да, түшүнө да албаган мезгилде түшкөн.



# Түн - бул, эс алуу

Аллах Таала айтты: «Аллах, силер эс алууңар үчүн түндү жаратты жана көрүүңөр үчүн күндүздү жаратты». (Гафир:61)

## Илимий акыйкат

Изилдөөлөр караңгыда уктоо ден-соолук үчүн пайдалуу экенин жана иммундук системанын активдүүлүгүн кыйла жакшыртаарын тастыктады. Окумуштуулар караңгыда организм эмчек рагы жана простатит оорулары сыяктуу жаман оорулардан коргоочу мелатонин гормонун бөлүп чыгарарын аныкташты. Ошондой эле, уктоо бөлмөсүндө жарыктын болуусу, рак клеткаларын өсүүсүнө тосколдук кылуучу мелатонин гормонун бөлүнүп чыгуусун токтотот.

## Кереметтин ачылышы

Аллах Таала караңгылык коштогон түндү биз үчүн бейпилдик, эс алуу жана уйку үчүн жаратса, жарык менен коштолгон күндүздү кесип кылып ырыскы табуу үчүн кылды. Заманбап илимий изилдөөлөр да ушул маанини жана Курандындын көрсөтмөсүн ырастоодо.



# Суу - жашоонун сыры

Аллах Таала айтты: «Бардык жандууларды суудан жараткандыгыбызды көрүшпөйбү?». (Анбия:30)

## Илимий акыйкат

Тирүү организмдердин денелеринин түзүлүшүндө жана курамында суу негизги элемент экенин азыркы илим далилдеди. Ал 65 % пайыздан 90 % чейин болуп, анын салмагынын жогорку пайызын түзөт. Ошондой эле бардык табийгый суюктуктардын арасынан жалгыз суу гана тирүү организмдердердин денелерине керек болгон материалдарды өндүрүү үчүн зарыл химиялык реакциялардын пайда болушуна ылайыктуу чөйрө болуп саналат. Ошондуктан окумуштуулар жер бетиндеги жашоо суунун өзгөчө касиетинин себебинен пайда болгон деп тастыкташты.

## Кереметтин ачылышы

Заманбап илим сууну жашоонун негизи жана анын улануусунун себеби экендигин, ошондой эле, ал бардык тирүү жандыктардын пайда болуусу үчүн маанилүү элемент экендигин ырастады. Куран аяты бул маанини ачык-айкын тастыктаган.



# Адамдын маңдайы-жүрүм-турумга багыттайт

**Аллах Таала айтты: «Оо, жок! Ант болсун, ал эгерде токтолбосо биз аны көкүлүнөн (маңдайынан) апчып, сүйрөйбүз. Жалганчы жана күнөөкөр көкүлдү». (Алак:15-16)**

## Илимий акыйкат

**Заманбап илим адамдын мээси төрт бөлүктөн турарын аныктады. Бул бөлүкчөлөр маңдайкы, желке бөлүкчө, темпоралдык жана париеталдык бөлүкчө. Алардын ар биринин башкалардан айырмалап турган өзгөчө милдеттери бар жана ошол эле учурда алар бири–бирин толуктап турат. Маңдайдын тереңинде жайгашкан мээнин маңдай бөлүгү жүрүм-турумга багытталгандыгы жана адамдын инсандыгын айырмалоочу өзгөчөлүккө ээ экендиги илимий жактан далилденген. Бул аймакка (маңдайга) болгон сокку адамдын адеп-ахлак нормаларынын, эс-тутумунун жана психикалык көйгөйлөрдү чечүү жөндөмүнүн төмөндөшүнө алып келет.**

## Кереметтин ачылышы

**Курандын адам денесинин башка бөлүктөрүнөн кошпостон, маңдайды гана жалган жана каталык кылуучу катары сүрөттөөсү, Ыйык Курандын илимий керемети болуп саналат. Анткени азыркы илим мээнин маңдай бөлүгү адамдын жүрүм - турумуна жана сүйлөө жөндөмдүүлүгүнө жооп берерин аныктады.**



# Балбылдаган жылдыз

Аллах Таала айтты: «**Асманга жана анда жылган таңкы жылдызга ант! Бул жарык жылдызды сен кайдан билесиң?! Ал балбылдаган жарык жылдыз**». (Торик:1-3)

## Илимий акыйкат

Нейтрон жылдыздары же пульсарлар-жүздөгөн жана миңдеген жылдар мурун жарылган жылдыздар. Анын калдыктары абдан чоң тыгыздыктагы ядро түрүндө калган. Окумуштуулар бул жылдыздар балканын каккылаган үнүндөй үн чыгарарын аныкташкан. Ошондуктан аларды гигант балка деп аташкан. Окумуштуулар бул жылдыздарда жердин тартылуу толкундарына окшош, бирок алардан миллиондогон эсе күчтүү толкундарды чыгарарын жана алдынан жолуккан нерсени тешип өтөрүн аныкташкан.

## Кереметтин ачылышы

Ыйык аятта Аллах Таала «Тарик»ке касам айтып, анын «тешүүчү жылдыз» экендигин тааныткан. Нейтрон жылдызы дал ушул үч сыпатты өзүнө камтыйт. Алар: Каккылоочу, тешип өтүүчү жана жылдыз.



# Асмандагы токуу (желе)


Аллах Таала айтты: «Жолдордун ээси болгон асманга ант!». (Зарият:7)

## Илимий акыйкат

Жакынкы мезгилде окумуштуулар суперкомпьютердин жардамы менен жөргөмүштүн желесине (же жол сызыктары сыяктуу) абдан окшош ааламдын үч өлчөмдүү диаграммасын түзүштү. Бул компьютер тарабынан иштелип чыккан маалыматтар өтө көп сандагы галактикалар жөнүндө маалыматты камтыган. Окумуштуулар тезинен эле ага космостук токума деген терминди ойлоп табышты. Анткени алар жиптери кемчиликсиздик жана күч менен токулган чыныгы кездемени түзүлүшүн көрүшкөн. Жакында жарыяланган изилдөөлөрүндө алар арабча «хубук» сөзүнө туура келген «токуу», маанисин түшүндүргөн сөздү жана жипчелер деген сөздү колдонушкан.

## Кереметтин ачылышы

Мындан 14 кылым мурда Куран аятында асманды «токуудан турган» б.а. абдан тыгыз, бекем деп сүрөттөгөн. Кызыгы, окумуштуулардын Куранда келген терминдин дал өзүндөй «желе» деп колдонгондугунда.



# Төөнүн жаралышына кароо

Аллах Таала айтты: «Ырас эле алар төөнүн кандай жаратылганын карашпайбы?!». (Гашия:17)

## Илимий акыйкат

Төөлөр укмуштуудай функционалдуу жана анатомиялык өзгөчөлүктөргө ээ. Анын күчтүү тамак сиңирүү системасы бар болуп, ар кандай өсүмдүктөрдү сиңире алышат, оозу менен дем албайт жана ысып, суусаса да эч качан энтигишпейт. Ошондой эле, өтө зарыл учурда гана болбосо, аз тердейт. Төөлөр 70 градуска чейинки ысык температурага чыдайт. Ал эми эки өркөчтүү төөлөр болсо, 52 градуска чейин суукка туруштук бере алат. Төөлөр өркөчүндөгү майлардан укмуштуудай химиялык жол менен азык жана суу өндүрө алышат. Чаңкаган төөлөр бөйрөктөрүндөгү туздарды чыпкалап, бөлүп чыгара турган өзгөчөлүгү менен деңиздин суусу менен да суусунун кандыра алат жана канды тазаланган суу менен камсыздай алат. О.э. мындан башка дагы өзгөчөлүктөрү бар.

## Кереметтин ачылышы

Ыйык Куран адамдарды төөгө карап, андан сабак алууга чакырат. Төөнүн жалгыз өзүнө гана тийиштүү болгон мындай сапаттарын заманбап илим дагы ырастоодо.



# Кумурскалар айнек сымал сынышат

Аллах Таала айтты: «Алар кумурскалуу өрөөнгө жеткен кез-де бир кумурска: «Эй кумурскалар! Уяңарга киргиле. Сулайман жана анын аскерлери силерди байкабастан сындырып кетпесин» – деди». (Намл:18)

## Илимий акыйкат

Кумурскалардын сырткы скелети абдан катуу болуп, ийкемдүү эмес жана чоюлбайт. Ошондуктан басымга кабылганда айнектей сынып кетишет. Илимпоздор бул кумурсканын денесинин структурасынын бузулушуна алып келип, кумурсканын кандайдыр бир бөлүгү сынганда, денедеги заттар канап, сыртка чыгаарын, ошентип анын денеси кургап, бул абал аны калыбына келтире албагандыктан аны өлүмгө алып келерин аныкташкан.

## Кереметтин ачылышы

Заманбап так илимий изилдөөлөр пайда боло электе, Ыйык Куранда кумурсканын денесинин түзүлүшүн абдан так илимий терминди колдонуу менен анын үстүнөн басым болгондо кумурсканын дене түзүлүшү сынып, талкаланып акырында өлүм менен аякташын сүрөттөп берген.



# Даарат - бул физикалык жана моралдык тазалык

Аллах Таала айтты: «Эй, момундар! Намазга турган кезде жүзүңөрдү жана колуңарды чыканактарына чейин жуугула. Башыңарды (суу менен) сылагыла. Бутуңарды томуктарына чейин жуугула». (Маида:6)

## Илимий акыйкат

Заманбап медициналык булактарда мындай деп айтылат: Тери көптөгөн ооруларды пайда кыла турган көп сандагы бактериялар жана микробдор топтоло турган орун болуп саналат. Адистер алардын көбүн денедеги бет жана кол сыяктуу ачык жерлерди бир нече жолу жуу менен жок кылууга болорун айтышат. Алардын айтымында, бул жайлар микробдорго көбүрөөк кабылгандыктан, күн сайын оозду жана мурунду кайра-кайра жууп туруу ал жердеги микробдордон арылууга жана дем алуу системасына таасир этүүчү көптөгөн оорулардын алдын алууга жардам берет деп тастыкташат.

## Кереметтин ачылышы

Даарат денедеден миллиондогон бактерияларды жок кылууга жардам берет жана ал организмди оорулардан коргоодо эң мыкты профилактика болуп саналат.



# Суу менен жер козголот

**Аллах Таала айтты: «Кураган жерди көрүп турасыңар го. Ага жамгыр жаадырсак кыймылга кирип, көөп, ар түрлүү кооз өсүмдүктөрдү өндүрөт». (Хаж:5)**

## Илимий акыйкат

**Жердин топурагы негизинен чопо минералдарынан турат. Ошондуктан ага суу түшсө, электрдик стимулдарды пайда кылат. Бул анын титиреп, дем алуусуна, көөп, жогору көтөрүлүшүнө жана чоңоюшуна себеп болот. Ошентип, топурактын астына катылган уруктан жарылып чыккан сабактын коопсуз, жеңил өсүп-өнүгүшүнө шарт түзүлөт.**

## Кереметтин ачылышы

**Ыйык аятта торуракка суу түшкөндө ал козголуп, көөп калышы тууралуу айтылган: «Ага жамгыр жаадырсак кыймылга кирип, көөп...аят» Бул эки процесс көзгө көрүнбөйт жана сезилбейт. Аны бир гана микроскоптун жардамы менен гана байкоого болот. Ошондуктан окумуштуулар аны кийинчерээк, топурак илими өнүгүп, заманбап каражаттар пайда болгондон кийин гана ачты.**



# Түйүлдүктүн пайда болуусунун башталышы

Аллахтын элчиси ﷺ айтты: «**Урукка жатында 40 күн өткөндө, ага Аллах Таала бир периштени жөнөтөт. Ал (периште) ага келбет берип, анын кулагын, көзүн, терисин, этин жана сөөгүн пайда кылат**» – деп. Муслим

## Илимий акыйкат

Түйүлдүктүн өнүгүүсү жана калыптанышы боюнча илимий изилдөөлөр алтынчы жуманын аягы, б.а. кош бойлуулуктун башталышынын 42 күнү түйүлдүктүн жашоосундагы эң маанилүү этап болуп саналаарын, анткени ал адам келбетине өтө баштагандыгын тастыктайт. Бул күндөн кийин кулак жана көздөр үчүн тешиктер пайда болуп, мээ рухтун бар экендигинин далили катары электромагнитик толкундарды жөнөтө баштайт. Ошентип алтынчы жума аяктагандан кийин сөөктөр жана булчуңдар да пайда боло баштайт. 42 күндөн кийин түйүлдүктү адам катары ажыратууга мүмкүн болот. Бул этапка чейин ал мүмкүн эмес.

## Кереметтин ачылышы

Пайгамбарыбыз ﷺ өзүнүн кереметтүү хадисинде түйүлдүк жатында жайгашкандан 42 күн өткөндөн кийин маанилүү этапты басып өтөөрү тууралуу айткан нерсенин дал өзүн жаңы эмбриология илими ачып, бышыктап жатат.



# Жөргөмүштүн үйү - үйлөрдүн эң алсызы

Аллах Таала айтты: «**Өздөрүнө Алладан башканы жакын кылып алгандардын мисалы, өзүнө үй курган жөргөмүш өңдүү. Анткени, эгер алар билишкен болсо, үйлөрдүн эң начары жөргөмүштүн үйү**».

(Анкабут:41)

## Илимий акыйкат

Жөргөмүштүн желеси адамзатка белгилүү болгон эң күчтүү биологиялык материал. Бул жагынан ал болотко окшош. Ушул себептен улам окумуштуулар ага "тирүү болот" , "биологиялык болот" сыяктуу аттарды беришкен. Жөргөмүштүн желеси ушунчалык күчтүү болгону менен, жөргөмүштүн уясынын ар кандай алсыз жактары бар. Бул тордун болушу күндөн келген ультра кызгылт көк нурларды күчөтүп, жөргөмүштүн канаттуулар сыяктуу душмандарына желенин ордун көрсөтөт. Ошентип, аны оңой эле олжо кылат. Мындан тышкары, жөргөмүш кээде өзү курган желени жана уясын жок кылат. Бул жаңы желени айлантканга чейин 92% дан 96% протеинден турган желени кайра иштетүү менен болот.

## Кереметтин ачылышы

Аятта жөргөмүштүн уясы эң алсыз уя катары сүрөттөлөт. Жаңы изилдөөлөр жөргөмүш уясынын кээ бир алсыз жактары бар экендигин көрсөттү. Алсак, душмандарына ачык көрүнүп турат, ысык – суукка чыдамдуу эмес, кыйроого оңой кабылат жана жада калса жөргөмүштүн өзү дагы аны жеп салат.



# Деңиздин астында от бар

Аллах Таала айтты: «Жагылган деңизге ант!». (Тур:6)

## Илимий акыйкат

Өткөн кылымдын 60-жылдарынын аягында жана 70-жылдардын башында окумуштуулар океандардын түбү жана кээ бир деңиздер жер кыртышын экиге бөлгөн алп жаракалар аркылуу аккан миллиондогон тонна магмалардын күйүп жатканын аныкташкан. Бул ири жаракалардын тармагы негизинен деңиздердин жана океандардын түбүндө топтолгон. Бул чоң суу бассейндеринин көлөмү чоң болгондугуна карабастан магманын чокторун өчүрө албайт.

## Кереметтин ачылышы

Ыйык аят «жагылган деңиз» тууралу акыйкатка ачык-айкын ишарат кылууда.



# Дененин бир мүчөсү кыйналса, ага бардык дененин кошулуусу


Аллахтын элчиси ﷺ айтты: «**Момундар бири-бирине жасаган өз-ара сүйүүсү, ырайымдуулугу жана боорукерлиги менен (бир) дене сыяктуу: анын бир мүчөсү ооруп калса, бүткүл денеси ысытма-лап, уйкусу качып, сыздайт**». Бухарий, Муслим

## Илимий акыйкат

Илимий изилдөөлөр адамдын кандайча кыйрашын жана анын бир органы жабыркаганда пайда болгон функциялык жооптор тууралуу укмуштуудай фактыларды ачып берди. Алар органдын жабыркоо даражасына түз пропорционалдуу. Канаган кандын биринчи тамчы-сы акканда же ткань жарылганда, химиялык заттар бөлүнүп чыгып, нерв импульстары жаракат алган жерден эрксиз башкаруу жайы болгон мээге жөнөйт. Андан соң бардык дене мүчөлөрү өзүнүн функ-циясына жараша топтолушуп, энергиясын жаракат алган орунга карай көмөкчү катары багыттайт. Ошентип, ооруган жерди жеңип, ал шыпаа тапкыча муктаж болгон нерсесине колдоо көрсөтүшөт.

## Кереметтин ачылышы

Пайгамбар ﷺ момундарды өз ара боорукерликке жана бири-бирине колдоо көрсөтүүгө үндөгөн хадисинде денени мисал келтир-ген. Заманбап изилдөөлөр дененин мүчөлөрүнүн өз ара биригүү табиятын жана акыйкатын жана келтирилген мисалдын кылдат жана тереңдигин ачыктап отурат.



# Бодо малдын денесиндеги сүттүн фильтрленүүсү

Аллах Таала айтты: «Чындыгында, силер үчүн малдарда да ибарат бар. Малдардын ичиндеги (курсагындагы) каны менен заңынын арасынан чыккан ичкенге жагымдуу, нагыз сүттү силерге ичтирүүдөбүз». (Нахл:66)

## Илимий акыйкат

Заманбап илим кепшөөчү малдын сүтү эмчекке жеткенге чейин эки фильтрлөө процессинен өтөөрүн аныктады. Биринчиси, калдыктарды чыпкалоо, толук сиңирүү жана ичегиге суюктугу түшкөндөн кийин, ал жаныбардын денеси аркылуу агып өткөн кан менен бөлүнүп чыгып, бир бөлүгү тирүү организмдин денесин азыктандырат. Экинчи бөлүгү, сүт бездери канды чыпкалап, ичкендерге даамдуу болгон таза сүт катары желинге өтөт.

## Кереметтин ачылышы

Бул аятта Аллах Таала пенделерине заң жана кандын арасынан таптаза сүт бергендигин эске салууда. Ал сүт адамдарга ар кандай чыпкалоо (фильтр) этаптары аркылуу жетет. Бул илимий чындык Курани Карим адамдарга түшүрүлгөн мезгилде белгилүү болгон эмес. Бул чындыктын ачылышы мындан бир нече ондогон жылдар мурун гана мүмкүн болду.



# Таңдын деми

Аллах Таала айтты: «Дем алып кирип келген таңга ант!». (Таквир:18)

## Илимий акыйкат

Эртең менен күн чыккандан кийин эле жылытуу таасиринен аба дем алганда көкүрөк кеңейгендей шишип, анан бийикке көтөрүлөт. Ал эми кечинде сууктан улам көкүрөк сымал кайра жыйрылат. Ушинтип кайрадан татаал процесс күн сайын эртең менен күндүн чыгышы менен башталат. Башкача айтканда, өсүмдүктөр көмүр кычкыл газын сиңирип, кычкылтекти бөлүп чыгарган фотосинтез катары, жер бетиндеги бардык жандыктар үчүн жашоо деми болуп, ал жок болсо, жашоо токтойт дегенди билдирет.

## Кереметтин ачылышы

Мындагы Курандын керемети, касам аркылуу таңдын дем алышынын маанилүүлүгүн эске салуусу.



# Ааламдын кеңейши


Аллах Таала айтты: «**Биз Асманды өзүбүздүн кубатыбыз менен көтөрдүк жана Биз аны кеңейтүүчүбүз**». (Зарият:47)

## Илимий акыйкат

«Ааламдын кеңейиши» кубулушун заманбап илим тарабынан Илимий акыйкат катары классификацияланган. Бул кеңейүү өтө кылдаттык жана так эсеп менен жүрүп, эгер ал аз пайыз менен болсо да тез же жай жүрсө, ааламдын чачырап кетүүсүнө же ички кыйроосуна алып келет.

## Кереметтин ачылышы

«Ааламдын кеңейиши» туурасында Аллах Таала 14 кылым мурда эле ыйык Курани Каримде адам затына эскертип кеткен.



# Жердин көөп - жарылуусу менен сакталуусу


**Аллах Таала айтты: «Көөп-жарылган жерге ант!». (Торик:12)**

## Илимий акыйкат

**Акыркы отуз жылдын ичинде илимпоздор литосферанын бардык багыттар боюнча миңдеген километрлерге созулган чоң жаракалар тармагы менен курчалганын жана аны “литосфералык плиталар” деп аталган плиталарды аныкташкан. Ошол эле учурда илимпоздор бул жаракалардын функциялары жана пайдасы тууралуу айтып, эгер бул жарака жок болсо, жер жарылып кетээрин айтышат.**

## Кереметтин ачылышы

**Өткөн кылымдын аягында илимпоздор биз жашап жаткан жер «плиталар» деп аталган чоң блокторго бөлүнүп, аларды терең жаракалар ажыратып турандыгын аныкташкан. Ал эми ыйык Куран жердин андай сыпатта экендигин жүздөгөн жылдар мурда ачык айтып койгон.**



# Дандарды машагы менен сактоо

Аллах Таала айтты: «(Юсуф:) «Жети жыл адаттагыдай эле эгин эгип, анан оруп алганыңардын баарын (кырманга) бастырып салбай, машактары менен калтырып, бирок жей тургандарыңарды аз-аздан гана алып турушуңар керек»». (Юсуф:47)

## Илимий акыйкат

Данды сактоонун жана анын азык-түлүк баалуулугун жок кылуудан жана бузулуудан сактоонун эң прогрессивдүү ыкмасы аны машагы менен сактоо экендигин изилдөөлөр жана тажырыйбалар менен далилденди. Ал саламаттыгы, өндүрүш жөндөмдүүлүгү, азыктуулугу, баалуулугу жана таза сакталуу шарттары боюнча машаксыз сакталган дандарга караганда жакшыраак экендигин тастыктайт. Тажырыйба көрсөткөндөй, белок менен канттын катышы машагы менен сакталган данда эч азайбастан, ошол эле бойдон калат. Ал эми машакттарда сакталбаган дандарда убакыттын өтүшү менен 32 % пайызга жоготуу болот.

## Кереметтин ачылышы

Дан сактоо ар кандай жолдор менен ишке ашат. Булардын бири аятта Юсуф пайгамбардын айткан сөзү катары келтирилип мындай делет: “Оруп алганыңардын баарын (кырманга) бастырып салбай, машактары менен калтырып, бирок жей тургандарыңарды аз-аздан гана алып турушуңар керек”. Заманбап илимий изилдөөлөрдүн натыйжалары муну данды сактоонун эң жакшы жолу экендигин тастыктайт.



# Адамдын жүрүм - турумунан айлана-чөйрө бузулат

Аллах Таала айтты: «Адамдар өз колдору менен жасагандарынын кай биринин жазасын тарттыруу үчүн кургактыкта жана деңизде бузукулук ачыкка чыкты. Балким, алар кайра тартышаар». (Рум:41)

## Илимий акыйкат

Климат адистери биздин Жер завод, фабрикалар, унаалар жана учактар тарабынан чыгарылган булгоочу заттардын чоң толкунуна дуушар болуп, ал адамдарга, өсүмдүктөргө жана жаныбарларга олуттуу таасирин тийгизгендигин, ошондой эле сууну жана тамак-аш азыктарын булгаган заттардын көбөйүшүнө алып келгендигин тастыктоодо. Аны менен биргеликте көмүртек газынын пайызынын көбөйүүсү себептүү Жердин температурасынын мурда болуп көрбөгөндөй олуттуу көтөрүлүшүнө жана антарктика музунун эрүүсүнө алып келүүдө. Бул өтө олуттуу экологиялык кырсыктын белгиси. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, адамдар экологиянын бузулушуна жана климаттын бузулушуна негизги фактор болуп саналат. Мындай абал адамдардын адилетсиз пайдалануусу жана ысырап кылуусунан келип чыккан.

## Кереметтин ачылышы

Ыйык аят кургактагы жана деңиздеги бузукулук кубулушуна токтолуп, бул боюнча алардын терс жүрүм-турумуна жаза катары жоопкерчиликти адамзатка жүктөөдө. Бүгүнкү күндөгү айлана-чөйрөгө болгон изилдөөлөр муну ырастоодо. Натыйжада айлана-чөйрөнүн бузулуусуна адамзат өзү негизги фактор экендиги тууралуу Курандын айтканын заманбап илим дагы бышыктады.



# Балда шыпаа бар

Аллах Таала айтты: «Эгең бал аарыга: «Тоолорго, жыгачтарга жана адамдардын курулуштарына уя сал», – деп буюруп, «ар түрлүү өсүмдүктөрдөн жеп, Эгеңдин жеңил кылып койгон жолуна түш!» – дедик. (Алла) аарынын ичинен түрлүү-түрлүү балдарды чыгарды. Анда адам баласы үчүн шыпаа бар. Чындыгында, мында да ой жүгүрткөн коом үчүн ибарат-өрнөктөр бар». (Нахл:68-69)

## Илимий акыйкат

Акыркы отуз жылда бал боюнча жүргүзүлгөн жана жарык көргөн илимий изилдөөлөр балдын колит, ашказан жана ичеги ооруларын, эмчек рагын жана тери ооруларын дарылоодо көптөгөн пайдасын көрсөттү. Мындан тышкары, бал жараларды жана күйүктөрдү айыктырууда пайдалуу. Ошондой эле, микробго каршы турууда да эффективдүү болуп саналат.

## Кереметтин ачылышы

Ыйык Куран бизге балдын адамдар үчүн шыпаа экендигин кабарлаган. Бул чындыкты заманбап илимий изилдөөлөр тастыктап, анын жогорку азыктык баалуулугунан тышкары ар кандай оорулардан коргоочу жана аны дарылоочу экендигин аныкташты. Ошондой эле бал антимикроб жана антиоксидант болуп саналат.



# Ден-солукка пайдалуу тамак-аштын көлөмү

Аллахтын элчиси ﷺ айтты: «**Адамдын толтурган эң жаман идиши бул анын - ашказаны. Адам баласына кубаттануусу үчүн кесим тамак жетиштүү, а эгер (көбүрөөк тамактануу) андан да зарыл болуп баратса, анда анын ашказынын үчтөн бири тамакка, үчтөн бири – суусундукка, (калган) үчтөн бири – абага толтурулсун**».


Ахмад, Тирмизий

## Илимий акыйкат

Ашказандын көлөмү жеген тамактын көлөмүнө жараша өзгөрүп турат. Ашказандагы эң чоң көлөм бир жарым литрди түзөт. Башкача айтканда, тамак-ашка бөлүнгөн ашказандын үчтөн биринин туурасы беш жүз миллиграммды түзөт. Заманбап медицина булактары ар бир табийгый дем менен өпкөгө беш жүз миллиметр аба кирип-чыгарын, жана табийгый дем алуу ишке ашуусу үчүн ашказандын үчтөн бири бош болуусу керек экендигин айткан. Ал эми бул өпкөгө кирген абанын көлөмүн түзөт.

## Кереметтин ачылышы

Аллахтын элчиси ﷺ куттуу хадисинде жеп-ичүүдө орточо болууну насаат кылган. Ал ашказандын үчтөн бир бөлүгүн дем алуу үчүн бош калтыруу болуп саналат. Ашказандын максималдуу көлөмүн табийгый дем алуу үчүн талап кылынган көлөм менен салыштырганда, бул ашказандын үчтөн бирине дал келерин көрүүгө болот. Бул пайгамбарлык керемет болуп саналат. Анткени Аллахтын элчиси ﷺ бул өлчөөлөрдү өпкөгө кирген абаны өлчөй турган аспаптар али белгилүү боло электе эскерткен.



# Ааламдын башталышы жана бүтүшү бар


Аллах Таала айтты: «**Ошол Күндө Биз асманды жазылган барак оролгондой түрөбүз. Биз алгачкы жаратууну кантип кылган болсок, аны убадабыз боюнча кайрадан ишке ашырабыз. Акыйкатта, Биз кылуучубуз**». (Анбия:104)

## Илимий акыйкат

**20-кылымда аалам жөнүндөгү жаңы ачылыштар ааламдын башталышы жана аягы бар экенин, түбөлүк кеңейүү мүмкүн эместигин, тескерисинче өзүнөн – өзү жыйрылып баштапкы абалына кайтаарын көрсөтүүдө. Эки жүз миңден ашык галактика жана алардан энергия өндүрүү боюнча изилдөө жүргүзгөн эл аралык комитет бул эки жүз миң галактика учурда эки миллиард жыл мурда өндүргөн энергиянын жарымын гана өндүрөт деген жыйынтыкка келген.**

## Кереметтин ачылышы

**Ыйык Куран аяты бул аалам бир күнү түрүлүп, пайда болгон баштапкы абалына кайтаарын ачыктаган. Бүгүнкү күндөгү изилдөөлөр жана ачылыштар дагы ушул сөздү айтууда. Ошондой изилдөөлөр ааламдын түбөлүктүү эмес экендигин ошондой эле, ал Куран аяттары ишарат кылгандай жок болуу жана аяктоо жолунда баратканын ырастоодо.**



# Эркек аялга окшош эмес

Аллах Таала айтты: «Эркек – аял сыяктуу эмес». (Аалу Имран:36)

## Илимий акыйкат

Заманбап изилдөөлөр эркектер менен аялдардын ортосунда көптөгөн психологиялык, биологиялык жана физиологиялык айырмачылыктар бар экендигин аныктады. Муну эки жыныстагы өзүнчө жөндөмдүүлүк жана сезимталдык айырмачылыктардан байкоого болот. Бул изилдөөлөр ошондой эле эркек менен аялдын ортосундагы толук окшоштуктарды жактагандардын жана кызыкчылык жана жүрүм-турумдук айырмачылыктар жеке социалдык тарбия менен болот деген түшүнүктөрдүн жаңылыштыгын көрсөттү.

## Кереметтин ачылышы

Аятта мындан он төрт кылым мурда аял менен эркектин ортосунда айырма бар экендиги айтылган. Эчендеген кылымдар мурун Куран түшүргөн бул чындык болуп, аны заманбап изилдөөлөр ачык көрсөтүүдө.



# Жогору болгон үстөмдүк кылат


Бир раввин Аллахтын элчисине ﷺ келип:
- Сенден бала тууралуу сураганы келдим, - деди. Ошондо Аллахтын элчиси: «Эгер алар (эркек менен аялдын уругу) биригип, эркектин уругу аялдын уругунан жогору болсо, Аллах кааласа, эркек болот. Аялдын уругу эркектин уругунан жогору болсо, Аллах кааласа ургаачы болот» - деди. Муслим

## Илимий акыйкат

Адамдын хромосомасы 23 жуптан турган жалпы 46 хромосомадан турат. Хромосоманын акыркы түгөйү 23 болуп, ал адамдардын жынысын аныктаган жыныстык ген саналат. Бул жерде хромосома эки нерседен турат: X жана Y. Аялдын сперматозоиди бардык X хромосомасын алып жүрсө, эркек сперматозоиди кээ бири X жана кээ бири Y хромосомасын алып жүрөт. Эгерде X хромосомасын алып жүрүүчү сперматозоид басымдуулук кылып, зигота (уруктанган жумуртка) пайда болсо, бала кыз (XX) болот. Y хромосомасын алып жүрүүчү сперматозоид басымдуулук кылып, зигота пайда болсо, бала эркек (XY) болот.

## Кереметтин ачылышы

Хадисте түйүлдүктүн жынысын аныктоодо күйөө менен аялдын жоопкерчилиги бар экени айтылат. Бул эки тараптан жыныстык хромосомалар биригип, зигота пайда болушу. Ал эми хадисте X жана Y хромосомаларынын бири жогору болсо, деп экөөнүн бири үстөмдүүлүк кылса деген маанини берип жатат.



# Чиркейдин үстүндөгү нерсе

Аллах Таала айтты: «Чынында Аллах чиркей же андан үстүн нерсени мисал келтирүүдөн уялбайт». (Бакара:26)

## Илимий акыйкат

Заманбап илим чиркейдин үстүндө жашаган тирүү организмдер бар экенин аныктады. Алар өтө кичине болуп, көзгө көрүнбөйт жана чиркейдин үстүндө жашап, анын азыгына ортоктош болот. Окумуштуулар атайы линзаларды колдонуп, бул майда жандыктарды сүрөткө ала алышты. Изилдөөчүлөр: "Бул сүрөт өзгөчө шарттарда тартылган. Анын үстүнө мындай микроскопиялык жандыктарды кадимки шарттарда байкоо кыйын" дешет.

## Кереметтин ачылышы

Аллах Таала аятта кылдаттыкты көрсөтүп, чиркейди мисал келтирди. Аятта "андан үстүн" деген сөздү кээ бир тафсир аалымдары "андан да төмөн же кичине болгон нерсени" деп түшүндүрмө беришкен. Жаңы изилдөөлөр чиркейге караганда көлөмү кичирээк болгон нерсени тапты. Атүгүл, ал кичине жандык чиркейдин үстүндө жашаары белгилүү болду.



# Трюфель суусу көзгө даба

**Аллахтын элчиси ﷺ айтты: «Трюфель Аллахтын нээматтарынан жана ал көзгө шыпаа» - Деп. Тирмизий, Насаий**

## Илимий акыйкат

**Дарыгерлер трюфель көзгө жана көз оорусуна жакшы даба экенин, ошондой эле көздү кубаттуу кыла тургандыгын баса белгилешет. Заманбап медициналык изилдөөлөр трахоманы биротоло дарылаарын көрсөтүүдө. Анткени трюфель көздүн кабыкчасында лимфа түйүндөрүнүн пайда болушун чектейт.**

## Кереметтин ачылышы

**Пайгамбар ﷺ трюфелдин көзгө шыпаа экенин айткан. Бүгүнкү күндө заманбап медицина бул чындыкты изилдөөлөрдүн натыйжасында тастыктап, чынында да трюфелдин курамында көз ооруларын дарылоого салым кошо турган көптөгөн заттар бар экендигин айтууда.**



# Жаңы транспорттор

Аллах Таала айтты: «(Аллах) жылкыларды, качырларды, эшектерди минишиңер жана коездук үчүн жаратты. Ошондой эле Ал силер билбеген нерселерди да жаратат». (Нахл:8)

## Илимий акыйкат

Илим менен техниканын өнүгүшү менен адам баласы унааларды, учактарды, поезддерди, кемелерди жана кургакта, деңизде жана абада жүрө ала турган космостук аппараттар сыяктуу жаңы транспорт каражаттарын ойлоп табууга жетишти. Бул куралдар кылымдар бою адамдар тарабынан салттуу колдонулуп келген башка транспортторго караганда бир нече эсе ылдам, жабдыкталган жана комфорттуу.

## Кереметтин ачылышы

Куран аятында заманбап транспорт каражаттары пайда болгонго чейин кылымдар бою колдонулуп келген адаттагы транспорттордон тышкары башкача траспорттордун пайда болушуна ишарат кылган. “Ошондой эле Ал силер билбеген нерселерди да жаратат”. Чындыгында да бул нерсе бүгүнкү күндө ишке ашып отурат. Муну менен Курандын кайып жана илимий кереметтеринин бири ачылууда.



# Адамдын муунунун саны - үч жүз алтымыш

Аллахтын элчиси ﷺ айтты: «Инсанда үч жүз алтымыш муун бар. Ага ар бир муун үчүн садака берүү милдет болот» - деп.

Абу Дауд, Ахмад


Имам Муслим риваят кылган дагы бир хадисте мындай деп айтылат: «Адам баласынан болгон ар бир инсан үч жүз алтымыш муундуу кылып жаратылган» – деп.

## Илимий акыйкат

Акыркы бир нече кылымдардагы анатомия менен гистологиянын прогрессинен кийин окумуштуулар адамдын денесиндеги муундардын саны үч жүз алтымыш экендигин, муун -бул эки сөөктүн кошулган жери экендигин, ошондой эле, муун дененин ийкемдүүлүгүн жана анын өз кыймыл-аракетин (функциясын) аткарууда жеңилдик берүүдө маанилүү роль ойноорун аныкташты.

## Кереметтин ачылышы

Көптөгөн муундар абдан ичке жана жөнөкөй көз менен көрүү же кароо кыйын болсо да, бир нече кылымдар мурда пайгамбарыбыз ﷺ адамдын денесиндеги муундар 360 экендигин айткан. Буга заманбап илим технологиянын прогресси, анатомия тармагындагы өнүгүүлөрдөн кийин гана жеткен.



# Мекке - жердин киндиги


Аллах Таала айтты: «Ушинтип, Биз сага шаарлардын энесин жана анын айланасындагыларды шексиз боло турган Кыйамат күнү жөнүндө эскертүү үчүн арабча Куранды аян кылдык». (Шуура:7)

## Илимий акыйкат

Спутниктен тартылган сүрөттөр жана кылдат эсептөөлөр менен жүргүзүлгөн илимий изилдөөлөр Меккенин дүйнөдөгү кургактыктын ортосунда жайгашканын көрсөтүүдө. Бул анын жети континентинин жана жаңы дүйнөнүн географиялык борборлорунун кургактык чек арасын кесип өткөн төрт чөйрөнүн ортосунда болушу менен көрсөтүп турат. Изилдөөчүлөр Меккени ошол өлчөөлөргө жана натыйжаларга ишке ашыра турган жер бетиндеги жалгыз орун экендигин тастыктады.

## Кереметтин ачылышы

Жогоруда ыйык аяттан көптөгөн мурунку тафсир аалымдары Мекке жердин ортосу жана борбору экендигин түшүнүшкөн жана алар муну жүздөгөн жылдар мурун өздөрүнүн чечмелөөлөрүндө айтышкан. (Тафсир Абу Хаййан жана Тафсир Насафий) Илимий изилдөөлөр дагы Мекке жердин ортосунда жайгашкандыгын тастыктады. Мындан тышкары, географиялык көз караштан алганда Куранда Меккени шаарлардын энеси катары сүрөттөлүшү толугу менен туура.



# Дан өсүмдүктөрү хлорофиллдерден турат

**Аллах Таала айтты: «Ал асмандан жамгыр жаадырат. Биз аны менен өсүмдүктөрдөн бардык нерсени чыгардык. Андан жашыл өсүмдүктү, тизмектелген данды...чыгардык». (Анъаам:99)**

## Илимий акыйкат

**Жаандан суу жеткенден кийин уруктар өнүп чыга баштайт. Өсүмдүктөр хлорофилл бар болгондон кийин, өсүмдүктө жердеги эң маанилүү процесс – фотосинтез башталат. Бул процессте хлоропласттар күндөн бөлүнүп чыккан жарык энергиясын өзүнө сиңирип, аны химиялык энергияга айландырышат. Бул дүйнөдөгү бардык башка органикалык азыктар менен бирге ар кандай дан жана мөмө-жемиштердин пайда болушуна алып келет.**

## Кереметтин ачылышы

**Өсүмдүктөрдө фотосинтез процесси аркылуу мөмө-жемиштерге дандарга жана эгиндерге керектелген бардык заттарды камсыз кылган жашыл зат (хлоропласт) бар. Куран бул аят аркылуу дал ошол нерсеге ишарат кылууда.**



# Жылдыздардын орундары

Аллах Таала айтты: «**Жылдыздардын ордуларына ант! Эгер билсеңер, бул, чындыгында – Улуу ант!**». (Вакиа:75-76)

## Илимий акыйкат

Заманбап астрономиялык изилдөөлөр асмандагы жылдыздарды биздин Жерден бөлүп турган чоң өлчөмдөрдөн жана алыстыктардан улам, жердеги эч бир адам жылдыздарды эч качан көрө албастыгын, тескерисинче алар (жылдыздар) өтүп кеткен жерлерди гана көрө аларын айтышкан. Ошондуктан биз көрүп, жылдыздар деп ойлогон нерселер чындыгында ошол өтүп кеткен жылдыздардын өзү эмес, анын орундары болуп саналат.

## Кереметтин ачылышы

Аллах Таала ыйык аятта жылдыздардын өздөрүнө эмес, жылдыздардын жайгашкан орундарына касам айткан. Муну менен Куран аяты 20-кылымдын аягына чейин жана астрономиялык байкоолор өнүккөндөн кийин гана заманап техникалардын жардамы менен ачылган таң калыштуу чындыктарынын бирине ишарат кылды.



# Күйгөн май сыяктуу кызыл түскө киргенде

Аллах Таала айтты: «Асман жарылып, май сыяктуу кыпкызыл (роза түстүү) болгондо». (Рохман:37)

## Илимий акыйкат

Америкалык NASA агенттиги кээ бир жылдыздардын учтарындагы жарылуусун бир нече сүрөттөрүн көрсөттү. Бул жарылуулар ачык түстүү роза гүлүнүн элесине окшош көрүнөт. Тактап айтканда бул жарылуулар асманды боегон кээ бир түстөрдүн жайылышына жана бул өзгөчө форманын пайда болушуна себеп болот. Илимпоздор бул жарылууну роза туманындагыдай эле “роза” деп аташкан.

## Кереметтин ачылышы

Ыйык Куран аятында кыямат күнү асмандын экиге бөлүнүшүн жана анын боек сымал роза гүлүндөй болоорун айткан. Бүгүнкү күндө тартылган кээ бир жылдыздардын учунда жарылган сүрөттөрүндө роза гүлүнө окшош бир көрүнүш бар. Жылдыздардын жарылуусу асмандын жарылуу түрдөрүнүн бири болуп, кыяматта болуучу абалга жакындатат. Жаңыдан ачылган илимий чындык Куран ишарат кылган нерсени тастыктоодо.



# Асманды сактоо


Аллах Таала айтты: «Асманды сакталган шып кылдык. Алар Анын аяттарынан баш тартышууда». (Анбия:32)

## Илимий акыйкат

Заманбап илим жерди зыяндуу күн радиясисынан жана кыйратуучу метеорлордон сактаган аба катмары (атмосфера) менен курчалганын аныктады. Метеориттер атмосферага тийгенде, сүрүлүүдөн күйүп кетет жана алар бизге асмандан жарык чачып, чоң ылдамдыкта жылган кичинекей массадай көрүнөт. Андан соң ал тез эле өчүп, көздөн кайым болот.

## Кереметтин ачылышы

Атмосфера - Аллах Тааланын кереметтеринин бири болуп саналат. Бул тирүү жандар үчүн өтө маанилүү. Аллах Таала аятта: «Асманды сакталган шып кылдык» - деди. Жаңы илимий изилдөөлөр ушул «сактоо»ну тастыктап, анын сыпатын, формасын ачып берди.



# Асмандан кайра кайтуу


**Аллах Таала айтты: «Кайтуу ээси болгон асманга ант!». (Торик:11)**

## Илимий акыйкат

**Жерди курчап турган атмосфералык катмарлар боюнча жүргүзүлгөн изилдөөлөргө ылайык, жерден көтөрүлүп жаткан ар кандай заттар жана энергиялар (мисалы, көзгө көрүнбөгөн чаң бөлүкчөлөрү, суу буулары, көмүртек кычкылы жана көмүр кычкыл газдары, жылуулук толкундары сыяктуу инфракызыл нурлар, радиоберүүлөр, үн жана жарык толкундары) асмандан кайра кайтып келет. Ошондой эле, атмосферанын катмарларына түшкөн ар кандай заттар жана энергиялар да ар кандай резервдик коргоо аймактары бар болгондугу себептүү асмандан кайтып келишет. Бул нерсе бизди жана ар түрдүү жердеги жандыктарды коргойт.**

## Кереметтин ачылышы

**Ыйык аятта асмандын кайтуусу тууралуу айтылган. Заманбап илим аны 20-кылымдын акырында асмандан кайтуу кандайча болоорун, кандай пайда келтирип, кандай зыяндан коргой тургандыгынын бир нече тараптарын ачып көрсөттү.**



# Ачууланба!

Абу Хурайрадан (Аллах андан ыраазы болсун) бир киши Пайгамбарга ﷺ кайрылып: Мага насаат айтчы, – деди. Пайгамбар ﷺ ага: «Ачууланба!» – деди. Ал киши бир нече жолу (суроосун) кайталады. Пайгамбар ﷺ (кайра эле) ага: «Ачууланба!» – деди. Бухарий

## Илимий акыйкат

Акыркы изилдөөлөр көрсөткөндөй, ачуулуу эркектер, алардын үй-бүлө жашоосунда пристубу жок болсо да, алардын инфарктка чалдыгышы үч эсе көп болуп, жогорку кан басымы менен жабыркашы ыктымал.

## Кереметтин ачылышы

Белгилүү болгондой, профилактикалык типте ооруну дарылоого караганда анын алдын алуу маанилүү. Бул хадисте Аллахтын элчиси ﷺ ачуулануудан сактанууну жана ачууланта турган нерселерге ээрчибөөгө багыт берет. Хадисте ачуулуу болуунун зыянынын алдын алуу үчүн үч ирет аны бышыктап кайталап жатат. Ачуулануунун ден-соолукка тийгизген таасири кийинчерээк гана ачылган.

